**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

**Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ**

**Ж.БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

Кол жазма укугунда

**УДК: 398.2:82-1(575.2)(043.3)**

**КӨЛБАЕВА МЭЭРИМ КУРМАНБЕКОВНА**

# АЙТЫШ ӨНӨРҮНҮН ТАБИЯТЫ
**(эволюция, жанр, поэтика)**

10.01.09 - фольклористика
10.01.01 - кыргыз адабияты

Филология илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**А В Т О Р Е Ф Е Р А Т Ы**

БИШКЕК-2015

Диссертациялык иш Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун «Манас», фольклор, акындар чыгармачылыгы бөлүмүндө аткарылды.

**Илимий кеңешчи**: филология илимдеринин доктору, профессор **Акматалиев Абдылдажан Амантурович**

**Расмий оппоненттер:** филология илимдеринин доктору, профессор **Байгазиев Советбек Орозканович**

филология илимдеринин доктору, профессор **Матыжанов Кенжехан Слямжанович**

филология илимдеринин доктору **Тиллебаев Садык Алаханович**

***Жетектөөчү мекеме:*** Ош мамлекеттик университетинин филология факультетинин кыргыз адабияты кафедрасы, дареги: Ош ш., Ленин көчөсү, 331.

Диссертациялык иш 2015-жылы 23-октябрда саат 13:00дө филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана КРУИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу түзүлгөн Д.10.13.012 Диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265 а.

Диссертация менен КРУИАнын илимий китепканасынан таанышууга болот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265 а.

Автореферат 2015-жылдын 23-сентябрында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**филология илимдеринин доктору** **Кадырманбетова А.**

## Диссертациянын жалпы мүнөздөмөсү

**Теманын актуалдуулугу**. Ырчылык өнөр - көп кылымдык жаралуу тарыхында коомдук орчундуу милдеттерди өзүнө алып, элге кызмат кылып келсе, ошол эле учурда адамзат коому аны өнүктүрүп-өстүрүп, асырап келген эриш-аркактуу өнөр. Ырчылыкты аздектеген өнөрпоздор адамзаттын же бир улуттун көркөм сөз мурасын жаратуучулук, сактоочулук жана жайылтуучулук милдеттерин өзүнө алат.

Ырчы, акындардын чыгармачылыгынын эң эле башкы өзгөчөлүгү көзү көрүп, көкүрөгү туйган, баамы жеткен турмуштук көрүнүштөрдү жамгырдай төгүлгөн таланты менен ырга салганында.

Төкмөлүк өнөрдүн чыгармачылык такшалуу этабынын жеткен бийиктиги катары айтыш өнөрүн атоого болот. Окумуштуу С.Байкожоев: «Айтыш көпчүлүк элдин алдында акындын акындык күчүн, дараметин сыноочу чоң сыноо, алардын ырчылык жолундагы өнөр салыштыруунун, таланттуу сыноонун эң кыйын ашуусу» [Байходжоев, С. Алымкул Үсөнбаев. – Фрунзе, 1962. – 48-б.]экенин белгилейт.

Айтыш - элдик поэзияда өзүнө гана тиешелүү өзгөчөлүктөрү бар кеңири өнүккөн жанр. Фольклористиканын тарыхында импровизациялык өнөрдүн пайда болуусу жана табияты орус окумуштуулары А.Н.Веселовский, Л.Я.Штренберг, Н.П.Дыренкова, В.М.Жирмунский, М.Кушмаковдордун эмгектеринде кеңири талдоого алынган. Ал эми казак фольклор таануусунда М.Ауэзов, С.Муканов, Е.Ысмайылов, М.Жармухамедов, Ы.Дүйсенбаев, М.Жумажанов, О.Нурмагамедовдорун эмгектеринде омоктуу ойлор айтылса, кыргыз элинин төкмөлүк өнөрүнө илимий баа берүү К.Рахматулин, Т.Самачин, Ж.Таштемиров, Б.Маленов, С.Байходжоев, Б.Кебековалардын изилдөөлөрүнөн башат алып, А.Обозканов, А.Турдугулов, С.Тиллебаевдердин эмгектеринде илимий пикирлер айтылган. Ал эми айтыштын жаралышын, табиятын талдоого алган П.Ирисовдун “Кыргыз айтыштарынын жанрдык өзгөчөлүктөрү” (1971) деген аталыштагы изилдөөсү бул багыттагы көзгө басар эмгек деп атоого болот. Бул изилдөө 1971-жылы жазылгандыктан негизинен XX кылымдын биринчи жарымына чейинки айтыштар объект катары алынган. Андан бери жырым кылымдан ашуун мезгил өтсө дагы бул жанрдын өсүш эволюциясын, андагы салттуулуктардын кийинки айтыштарда сакталуу даражасын, эгемендик жылдарындагы айтыштардын өнүгүү багыттарын талдоо, ага илимий баа берүү иштери жүрбөгөн. Биздин диссертациялык ишибиз мына ушул маселелерди кеңири планда терең талдоого алууга багытталды. Иштин акуалдуулугу да ушунда.

**Диссертациянын темасынын негизги илимий изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Илимий изилдөөнүн темасы КРУИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун илимий иштеринин планы менен дал келет.

**Изилдөөнүн максаты, милдеттери**. Айтыш өнөрүнүн өнүгүү эволюциясын, синкреттүү табиятын, башка жанрлар менен карым-катышын, көркөм салттуулук жана чеберчилик маселелерин талдоо. Ошондой эле

айтыштардын тилдик өзгөчөлүктөрүн, көркөм-эстетикалык сапатын аныктоо, боордош элдердин айтыштары менен салыштыруу. Бул негизги максатты ишке ашырууда төмөнкүдөй конкреттүү милдеттер коюлду:

- Айтыш өнөрүнүн пайда болуу башаттарын белгилеп, жалпылык жана жекелик мүнөзүнө аныктоо;
- Айтыштын түрк тилдүү элдерде таралуу ареалын белгилөө;
- Айтыштагы көркөм салттуулуктарды аныктап, акындардын өздүк чеберчиликтерин талдоо;
- Айтыштагы муундар байланышы, устат-шакирт, чыгармачылык мектеп маселелерин талдоого алуу;
- Айтыштын өнүгүшүн мезгилдештирүү;
- Андагы көркөм салттуулуктардын “классикалык доордо”, кеңеш өкүмөтү мезгилинде жана постсоветтик мезгилде жаңылануу деңгээлин иликтөөгө алуу;
- Айтыш өнөрүнүн көркөм-эстетикалык бөтөнчөлүктөрүн талдоого алуу.

**Иштин илимий жаңылыгы** биринчи жолу кыргыз элинин көөнөрбөс өнөрү болгон айтыштын жаралышынан тарта бүгүнкү күнгө чейинки эволюциясын тарыхый планда мезгилдештирип, жанрдын жалпылык мүнөзүн жана индивидуалдык белгилерин, поэтикалык өзгөчөлүктөрүн талдоого алып, акындык ойду берүүнүн ыкмаларынын, өнөрдү муундан-муунга өткөрүүчү чыгармачылыктын удаалаштыгынын (устат-шакирт маселесинин) талдоого алынышы менен аныкталат.

**Алынган натыйжалардын илимий-теориялык жана практикалык мааниси**. Төкмөлүк өнөрдүн орчундуу бир салаасын түзгөн айтыштар, андагы салттуулуктардын сакталышы, устат жана шакирт маселеси, бул өнөрдүн көркөм-эстетикалык табылгалары тууралуу тарыхый-теориялык жактан негизделген маалыматтарды алууга болот. Изилдөөнүн материалдарын, илимий тыянактарын жогорку окуу жайларынын “Акындар чыгармачылыгынын тарыхы”, “XIX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы” курстары боюнча өтүлүүчү лекцияларында, аталган проблемага, акындар чыгармачылыгына байланыштуу илимий иштерде, акындык өнөрдүн тарыхын мектептерде окутууда пайдаланууга болот.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

- Айтыш – элдик поэзиянын бай салттарына каныккан акындар чыгармачылыгындагы көөнө жанр;
- Айтышта коллективдүүлүк, варианттуулук өңдүү фольклордук белгилер менен индивидуалдуу башталышты көрүүгө болот;
- Айтышта драмалык, эпикалык жана лирикалык жанрлардын белгилери сакталган;
- Айтыш элдик чыгармачылыктын байыркы түрү катары көпчүлүк түрк тилдүү элдердин оозеки чыгармачылыгында бүгүн да жашап жатканы белгилүү. Бирок, алардын сакталуу даражасы ар түрдүү.
- Айтыш ырларынын түрк тилдүү элдерде таралышы ал элдердин түбү бир болгон генетикалык жакындыгы, көчмөн маданиятынын бардыгына

бирдей болушу, жашоо мүнөзүнүн окшоштугу, байыркы учурдагы элдик ишенимдеринин жакындыгы менен мүнөздөлөт;

- Айтыштар өз алдынча түр болгону менен курамында санат-насыят, бата, алкыш, каргыш, мактоо, кордоо өңдүү бир канча жанрдык сапат-белгилерди да синтездештирип, ийгиликтүү пайдалана алат;
- Айтыштар“Сармерден”, “Жар-Жар”, акыйнек, кайым өңдүү адат-салт айтыштарынан башат алган. Андан бери айтыш өзүнчө жанр катары касиеттерин кыз менен жигиттин, кайнене-келиндин айтышында калыптандырып, ал акындар айтышынын жаралышына негиз болду;
- XIX кылымдын экинчи жарымы XX кылымдын баш ченинде акындар айтышы жанр катары өнүгүүнүн жогорку чегине көтөрүлүп, айтыштын бардык түрлөрү боюнча классикалык үлгүлөрдү жараткан;
- Айтыштар совет мезгилинде идеялык-тематикалык жактан жаңыланууга дуушарланып, анын айрым түрлөрүнүн (кордоо, табышмак) өнүгүү темпин жайлатып, ал түгүл токтоп калууга чейин жетип, алдынала даярдыксыз ырдоо пландуулук, жасалмалуулук менен алмашылган. Мындан улам айтыштардагы айрым салттуулуктар жоголуу чегине жеткен;
- Ал эми постсоветтик мезгилдеги айтыштарда “улут” деген түшүнүккө көп көңүл бурулуп, өлкөдөгү экономикалык кризис, элдин оор абалын чагылдыруу башкы темага айланды. Ал эми сөздү кыноо, көркөмдүк, ырчылык чеберчилик маселелеринде алешемдиктер кездешип, айтыштын кордоо, табышмак өңдүү түрлөрү дээрлик кезикпей калды;
- Айтыштарда элдик уламыштар, легендалар, макал-ылакаптар, диний икаялар ыгына жараша колдонулуп, ойду ачып берүүдө өзгөчө кызмат кылат. Мындан сырткары көркөм сөз каражаттары дээрлик мол пайдаланылып, ойду берүүнүн баяндоо, сүрөттөө өңдүү ыкмаларын ыгына жараша арбын пайдалануу менен чыгарманын көркөм-эстетикалык кунарын жогорулатууга кызмат кылат;

**Изилдөөчүнүн жеке салымы**. Айтыш өнөрүнүн табиятын, түрк тилдүү элдердеги таралуу чегин, байыртадан бери сакталып келген салттуулуктар жана өздүк чеберчилик маселелери, чыгармачылык таасир, чыгармачылык мектеп маселелеринин айтыш өнөрүндөгү ордун талдоого алып, айтыш өнөрүнүн байыртадан бүгүнкү күнгө чейин өнүгүшүн анализдеп, мезгилдештирүү жана поэтикалык, көркөм-эстетикалык бөтөнчөлүктөрүнүн комплекстүү изилдөөгө алынышын изденүүчүнүн жеке салымы катары кароого болот.

**Диссертациялык иштин практикалык мааниси**: Улуттук көркөм казынабыздын чоң бир бөлүгү болгон айтыш өнөрүнүн көркөм-эстетикалык табиятын ачып, чыгармачылыктын бул түрүнө адабий-теориялык анализ жасалып, фольклористика, адабият таануу, кыргыз адабиятынын тарыхы жаатындагы изилдөөлөрдүн катарын толуктап, бул багыттагы кийинки изилдөөлөргө таяныч болуп бере алат. Ал эми жалпы билим берүүчү орто мектептердин жогорку класстарындагы адабият сабактарында (өзгөчө эл ырчыларынын чыгармачылыгын окутууда), жогорку окуу жайларынын акындар чыгармачылыгынын тарыхы, XIX кылымдагы кыргыз адабиятынын

тарыхы курстары боюнча лекция, семинардык сабактарда бул изилдөөнүн материалдары практикалык өңүттө кеңири пайдаланылат.

**Изилдөө ишинин апробацияланышы.** Изилдөөнүн негизги мазмуну “Айтыш өнөрүнүн табияты (эволюция, жанр, поэтика)”( 2015), “Акындар чыгармачылыгындагы салттуулуктардын типологиясы” (2014) деген эмгектерде, мезгилдүү басылмада жана илимий жыйнактарда жарыяланган макалаларда, ошондой эле республикалык жана эл аралык илимий конференцияларда (Казакстан, Түркменистан, Турция) окулган баяндамаларда чагылдырылды. Диссертациялык эмгек КРУИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар кеңеши тарабынан коргоого сунушталган. Кошумча талкуулар И.Арабаев атындагы КМУнун кыргыз адабияты кафедрасында, К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун кыргыз адабияты жана манастаануу кафедрасында өткөрүлүп, докторлук диссертацияга коюлуучу талаптарга жооп берери белгиленген.

**Изилдөөнүн жыйынтыгынын жарыяланышы.** Изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча 1 монография, отуз илимий макала КРЖАКтын тизмесине кирген басылмаларда жарык көргөн.

**Диссертациянын түзүлүшү**. Изилдөө иши киришүүдөн, үч бөлүмдөн, корутундудан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Диссертациянын Киришүү бөлүмүндө теманын изилдениши жана актуалдуулугу, илимий проблеманын изилденүү деңгээли, максаты, милдеттери, объектиси, илимий жаңылыгы, практикалык баалуулугу, коргоого сунуш кылынган жоболор, изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробацияланышы чагылдырылды.

**“Айтыштын изидениш абалы: илимий-теориялык обзор”** деп аталган диссертациянын биринчи бөлүмү төрт параграфтан турат. “**Айтыш өнөрүн изилдөөнүн тарыхый, теориялык маселелери”** деп аталган биринчи параграфта төкмөлүк өнөрдү, айтыштарды изилдөөгө алган эмгектерге обзор берүү аркылуу айтыш өнөрүнүн өнүгүш тарыхы, теориясына, андагы жекелик жана жалпылык белгилердин фольклористикада, адабият таанууда изилдениш деңгээли талдоого алынат.

Кыргыз фольклору өзгөчө жанр, түрлөргө бай. Ар бир жанрды өз алдынча иликтөөгө алып талдоо менен фольклордун табиятын талдоого туура багыт берүүгө мүмкүнчүлүк ачылат. Себеби, ар бир жанр нечен доорлорду басып өтүп, жаңыланып, улам өзгөрүлүп, көркөм чыгармачылыктын тарыхый өнүгүшүн көрсөтүп турат. Фольклордогу мына ушундай жанрлардын бири – айтыш.

Дүйнө элдеринин көпчүлүгүндө кезиккен төкмөлүк өнөрдү асыресе айтыш өнөрүнүн изилденишин үч алкакта дүйнөлүк адабиятта, түркологиялык деңгээлде жана кыргыз фольклористикасында же адабият таануу илиминде изилденишин талдоо максатка ылайыктуу деп эсептейбиз.

Төкмөлүк өнөр (импровизация) “белгилүү бир окуя, турмуштук байланыш, же атайын тема жөнүндө алдынала даярдыксыз оозеки ырдоо өнөрү” [Кыдырбаева, Р.З., Асаналиев, К. Кыргыз адабий илиминин терминдер сөздүгү. – Бишкек, 2004. - 187-б.] экени, ал өнөрдүн өсүшү эл тагдыры, калк тарыхы менен тамырлаш болору айтылып келет. Орус окумуштуулары А.Н.Веселовский, Л.Я.Штренберг, Н.П.Дыренковалардын эмгектеринде адамдардын алгачкы уруулук түзүлүш учурунда, ырым-жырымдык ишеним орун алган шамандык доордо ырчылардын (акындардын) кызматы эмчи-бакшылар менен аралаш болгонун жазышкан. Ал эми орустун академик-илимпоздору В.В.Радлов баш болгон А.В.Васильев, Г.Н.Потанин, Н.Рычков, А.Янушкевичтердин эмгектеринде акындыкты кесип катары пайдаланып, күнүмдүк жан сактоонун негизги булагы катары жазышса, төкмөлүктөгү коллективдик жана жекелик маселелер М.Е.Салтыков-Щедрин, А.А.Борисовдун изилдөөлөрүндө талдоого алынат.

Импровизациянын эл адабиятындагы ролу, тарыхый ырлардагы орду менен мезгил жалгаштыгы маселелери тууралуу Л.И.Емельянов, В.Я.Пропп, Б.Н.Путилов, А.М.Астахова, П.Г.Богатырев, П.С.Выходцев, В.М.Жирмунский, В.Е. Гусевдин эмгектеринде иликтенген. А.М.Астахованын пикиринде төкмөлүктүн коомдук өнүгүүнүн талаптарына ылайык өзгөрмөлүү болорун, анын коллективдик сыпаты, ырым-салттык мааниси тууралуу омоктуу пикирлерин билдирип, импровизациянын эң күрдөөлдүү өнүккөн жери катары Орто Азия калктарын эсептеген [Астахова, А.М. Специфика фольклорных жанров // «Русский фольклор». – М.: Изд.: Ан СССР, –1966. - Т.10. – С. 356]. Демек, орус фольклористеринин пикиринде импровизациялык өнөрдүн жаралышы байыркы доордогу адам акылынын баёо мезгилиндеги, элдик ишенимдердин, эмгектин негизинде пайда болгону белгиленип, тарыхый мааниси, мезгил өткөн сайын өзгөрүп турууучу табияты, формалык жактан оозеки жана эпитафиялык үлгүдө болгондугун ырасташып, төкмөлүктүн чордону Орто Азия элдеринде өнүккөнүн бир ooздон белгилешкен.

Айтыш - көпчүлүк түрк элдеринде кезиккен чыгармачылык жанр. Түрк элдеринин байыркы бир уруудан тарап, бир тилде сүйлөгөн генетикалык жакындыгы алардын диний-мифологиялык түшүнүктөрүндө, аңыз, уламыштарында, фольклордук жанрларында ырасталат. Мисалы, айтыш жанрынын көпчүлүк түрк элдеринде кездешиши, аталышынын түркмөндөрдө “aydışık”(айдышык), казактарда “айтыс”, башкурттарда “ayteş” айтеш, өзбектерде “айтиш”, татарларда “ytuşuu” (йтишү), уйгурларда “eytiş”(эйтиш) деген фонетикалык жактан бир аз гана өзгөрүүгө учуроо менен колдонулушунан эле көрүүгө болот. Ал эми Анадолу түрктөрүндө болсо ашыклык деген акындык өнөрдүн ичинде “атышма” деп, Азербайжанда болсо “дейишме” деп бир аз өзгөчөлүктүү аталат. Түрк тилдүү элдердин оозеки чыгармачылыгына көз жүгүрсөк айтыш өнөрүнүн көп түрдүүлүгүн көрө алабыз. Азербайжан дейишмелери гыфылбенд, хербезорба, мухаммес деген түрлөрү бар. “Гыфылбенд”-табышмак айтыштары, “хербезорба» - мактоо айтыштары, «мүхаммес” -16 муундан

турган айтыштын түрү. "Жыгалы мүхеммес", "Дудагдеймез жыгах мүхеммес" деген түрлөрү бар.

Уйгур "эйтиши" – эки адамдын же эки топтун обонсуз ыр менен айтышып же ыр обону менен ырдашып (ал уйгурча «нахшажылары нахша» (түркү ве шаркы) айтышуу жарышы деп берилет. Айтуучунун бири кандай ыкмада айтса экинчиси ошол ыкманы талап кылган элдик адабияттагы бир жанр катары каралат. Анын бир үлгүсү катары "Яр-Яр" (кыргызча "Жар-жар") ырларын киргизет.

Өзбектердин эйтиши түрдүү тойлордо кыздар менен жигиттердин ортосундагы айтыштар болуп эсептелет. Бул айтыштарга да атайын шойырлар (акындар) катышып, түрдүү темадагы турмуштук маселелер тууралуу айтышышат. Бул кыргыздардын "Сармерден" айтышына окшошуп кетет.

Каракалпак айтышы көп жагынан кыргыз айтыштарына окшош. Айтыштын мүнөзү, анын аткарылышы, аткаруучулар тууралуу маалымат «Каракалпак фольклору» (Karakalpak Folklorı. -Karakalpakstan Basımevi, Nukus, 1982, Cilt. XI) аттуу эмгекте мыкты жазылган. Фолклористтер каракалпак айтыштарын, турмуш-салт айтыштары, шайырлар айтышы жана чечендик айтыш деп үч топко бөлүшөт. Ар бир айтыштын түрү андан ары ич ара топторго ажырымдалып, турмуш-салт айтыштары өз ара "тарауы-бадик", "хаужар", "жуап айтыслары" деп бөлүштүрүлөт. Каракалпак айтыштарын түрлөрүн мындай 3 топко бөлүштүрүү кыргыз айтыштарын топторго ажырымдаган айрым классификациялар (Ж.Таштемиров) менен далма дал келет. Ал эми жооп айтышы (жооп) уруксат берүү жообу (уруксат берүү), тилек-суроо жообу (тилек жана суроо жообу), жумбак жооп (табышмак жообу), акыл-насият жооп (дидактикалык жооп), юмор-сатиралык жооп болуп бешке бөлүнөт. Ал эми экинчи шайырлар айтышы тилек (тилек), суроо-жооп (суроо жооп), хошлашыу (коштошуу), мухаббат (махабат темасында), жумбак (табышмак), ойын-далкек, хазыл (оюн, юмор), тартысуы, жарысыу (кайым айтыш, жарышуу), хайван менен хайван айтысы (жан-жаныбарларды сүйлөтүү формасында өткөн айтыш, ашыклык салтындагы "дегиштирмейе" окшош) жана балалар айтышы (жаш балдер ортосунда өткөн айтыш) болуп сегизге бөлүнөт. Чечен айтыш да сегизге бөлүнөт: табышмак, доо айтыш, тилек, суроо-жооп айтыштары, мысал айтышы, хазил айтышы, юмордук сатиралык айтыш, акыл насият (насыят берүү) жана сын-баа берүү айтысы (сыноо айтышы). Демек, каракалпактардын айтыштары кыргыз айтыштарына абдан жакын келип, алардын түрлөргө бөлүштүрүлүшү дагы кыргыз айтыштары тууралуу айрым классификацияларга далма дал келет. Бирок, маанилик жактан айтыштар өтө майдаланып кеткени байкалат.

Түркмөн элинин айтыштары бир топ өзгөчөлүктүү экени байкалат. Айтыштын бир түрү болгон **чаташма** түркмөндөрдүн Афёнкарахисар-Эмирдаг аймактарында аткарылат. Ал жаназа болуп аткан үйдө аялдардын ортосунда өткөн айтыштын түрү. Бул биздеги кошокторду кезек менен айтып, өлгөн адамдын кылган иштерин, жакшы сапаттарын биринен-экинчиси мыктылап кошуу жөрөлгөсүнө окшош келет. Түрк тилдеринин

ичинен дагы бир өзгөчөлүктүү айтышы бар эл азербайжан эли. Алар айтыштарды "д**ейишме"** деп аташат. Азербайжанда жана Анадолунун кээ бир аймактарында да колдонулган айтыштын бул түрү «мүшаире», «демели», «сөйлетме» деген аталыштар менен да колдонулуп келет. Айтыштардын түрк элдерининдеги таралуу ареалы мына ушундайча. Демек, түрк элдеринин фольклордук үлгүлөрүндө жакындыктарды жараткан бир катар фактыларды көрүүгө болот: 1) түрк тилдүү элдердин байыркы замандарда бир уруудан тарап, бир тилде сүйлөгөн генетикалык жакындыгынан; 2)ал элдердин негизги ишенимдеринин бирдейлигинен; 3) жашоо мүнөзүнүн дээрлик окшоштугу, тарыхый тагдырлардын жакындыгы менен мүнөздөлөт.

Мындан улам тектеш элдердин фольклор таануусунда айтыш өнөрүнүн түрдүү жагдайдан талданып изилденип келгенин көрүүгө болот. Мисалы, өзбек элинин тарых түпкүрүнөн бери өнүгүп бүгүнкү күнгө чейин келген руханий турмушунда "айтишке" жакын "аския" жанры өзгөчө орунда туруп, төкмөлүктүн салттарын улантып келе жатканын өзбек фольклористи Р.Мухаммадиевдин эмгегинде [Мухаммадиев, Р. Аския. (Острословие жанр узбекского народного творчества): автореф. дисс. … канд.филол.н. – Ташкент, 1961. – с.139.] белгилесе, өзбек элдик чыгармачылыкты жаратуучулардын аткаруучулук чеберчилиги С.Носировдун [Носиров, С. Творческое и исполнительское мастерство в узбекском народном творчество: дисс. … канд.филол.н. – Ташкент, 1990. – с.240] эмгегинде иликтенет. Каада-салттык фольклор жана терме жанрындагы төкмөлүктүн салттарына М.Кушмаков, Б.Сарымсаков, А.Мусакуловдордун эмгектеринде ар тараптуу талдоолор жүргүзүлгөн.

Каракалпак элинин акындык өнөрүнүн поэтикалык салттары К.Базаровдун, Н.Давкараевдин эмгектеринде талдоого алынса, алтай фольклорундагы жанрлар жана алардын жаралышын шарттаган өбөлгөлөр, оозеки поэтикалык чыгармачылык С.С.Каташтын эмгектеринде [Каташ, С.С. Специфика жанров Алтайского фольклора: дисс. ... д-ра филол. н. – Ташкент, 1987. - с. 263.] изилдөөгө алынып, импровизациялык өнөр алтай фольклорундагы архаикалык жанр экендиги белгиленген.

Айтыш Түркиялык түрктөрдө дагы тарагандыгын көрөбүз. Алар бул түрдү "атышмалар" деп аташат. Аты эле айтып тургандай түрк айтыштары сөз аркылуу "атышып", өнөр жарыштыруу максатын көздөгөнү көрүнөт. Түркиялык түрктөрдүн атышмалары дагы илимде өзгөчө сөз кылууга арзып, атышмалардын бир канча тематикалык түрлөрү Огузхан Айдындын диссертациялык ишинде талдоого алынган [Oğuzhan, Aydın. Gunumuz aşıklık geleneginde atışma ve atışma örnekleri. – Ankara, 2010. – s 248]. Ал эми ар бир акындын чыгармачылыгындагы айтыштардын орду мааниси тууралуу кеп кылып, айтыштардагы өздүк чеберчиликти талдоого алган Хасан Кутлусойдун эмгеги [Nazan Kutlusoy Buruklu Aşır Kul Mustafa Hayatı – Şiirleri – Atışmaları-Halk hikayeciligi derleme –inceleme. Yuksek lisans tezi. – Adana, 2006. - s 289.] түрк айтыштарынын идеялык-тематикалык өзгөчөлүктөрүн аныктаган изилдөө экенин көрсөтүүгө болот.

Ал эми казак фольклор таануусунда айтыштарды илимий талдоого алуу кыргыз элиндеги изилденүү абалына салыштырмалуу бир топ алдыга кеткендигин көрүүгө болот. Казак айтыштары М.Ауэзов, С.Мукановдордун илимий пикиринен башат алып, андан бери С.Сейфулиндин “Казактын эски адабият нускалары” (1- жыйнак, Алматы: Казакстан басмасы, 1931. – 152-б.), Е.Ысмайыловдун “Акындар” (Алматы,1956), К.Жумажановдун “Фольклорная и индивидуальная традиция в акынской поэзии” (Дисс.к.ф.н. – А., 1984) деген эмгектеринде акындык өнөрдүн салттары жана жаңычылдык маселелери, казак айтыс өнөрүнүн башаты, акындардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрү тууралуу кенен илимий талдоолор болгон. Мындан башка Х.Досмугамед уулу, А.Байтурсунов, М.Габдуллин, Б.Кенжебаев, А.Коңуратбаев, З.Ахмедов, М.Каратаев, М.Жармугамедов, С.Садырбаев ж.б эмгектеринде айтыш өнөрүнүн табияты, идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрү, өнүгүү эволюциясы, чыгармачылыктагы жалпылык жана жекелик өңдүү маселелер талдоого алынган. Айталы, М.Жармугамедовдун “Казак поэзиясындагы айтыш жанры: теги менен дамуы” (2001) деген доктордук диссертациясында төкмөлүк өнөр менен айтыштын карым-катышы, кайымдашуулар, кагышуулар, айтыштагы тарых жана көркөм чындык, айтыш менен мезгил жалгаштыгы, айтыштын көркөмдүк маселелери сыяктуу проблемалар талдоого алат. Казак элинде айтыштар адабий көркөм туунду катары гана талдоого алынбастан бул өнөрдүн лингвомаданий, этномаданий бөтөнчөлүктөрү, публицистикалык мүнөзү түрдүү алкакта каралып, айтышты изилдөөнүн жаңы чектери К.А.Кусманова, К.Д.Асанов, Ш.С.Койлыбаев, Т.Ш.Өмүрбаева, Б.Имашевдердин докторлук жана кандидаттык эмгектеринде талданган.

Кыргыз фольклористикасында айтыштарга илимий баа берүү 1940-жылы Т.Сатылгановдун 75 жылдык юбилейине арналып чыккан “Токтогулга эстелик” (Токтогулдун 75 жылдык юбилейине арналып чыккан жыйнак. Кыргызмамбас, Фрунзе, 1940) деген макалалар топтомунда колго алына баштаган. Эмгектеги К.Маликовдун “Токтогулдун алым-сабак ырлары” деген макала бул жанр тууралуу айтылган алгачкы изилдөө эле. Андан бери белгилүү окумуштуу М.Богданова “Киргизская литература” (1947) деген очеркинде айтышты турмуш-тиричилик ырларынын бир түрү катары мүнөздөп, анын жаралышын, салт жана эмгек процессинде аткарылган фольклордук жанр катары мүнөздөгөн. Ошондон баштап, кыргыз акындарынын чыгармачылык өзгөчөлүгүн аныктоо максатында айтыш өнөрүн талдоого алуу иши уланып, 1971-жылы айтыштын жанрдык белгилерин аныктап, аны түрлөргө бөлүп алып, башка фольклордук жанрлар менен карым-катышын талдоого алган “Кыргыз айтыштарынын жанрдык өзгөчөлүгү” алгачкы диссертациялык эмгек П.Ирисовдун авторлугунда жарык көрөт. Диссертациялык изилдөөдө айтыштын жанр катары мүнөзү аныкталып, акыйнек, кайым, алым-сабак сыяктуу оозеки адабияттын түрлөрүнүн айтыш өнөрүнүн өнүгүшүнө кошкон салымы, акындар айтышынын жаралуу шарттары, мезгили, мүнөзү талдоого алынып, айтыштарды андан ары изилдөөнүн алгылыктуу проблемалары көтөрүлгөн.

Бул жылдары акындардын чыгармачылыгына арналган изилдөөлөр уланып, Ш. Үмөталиевдин адабий портрет мүнөзүндөгү “Токтогул” деген китеби (1975) жарык көрөт. Эмгекте айтыш өнөрүнүн Токтогулдун чыгармачылыгындагы орду, айтышуудагы негизги ыкмалар, түрлөр талдоого алынат.

Андан бери айтыш жанрынын акындардын чыгармачылыгына тийгизген таасири, жанр катары мүнөзүн талдоого алууда Ж.Таштемиров бир катар макалаларын жарыялап, “Токтогул жана акындык поэзия” (1980), “Токтогулдун айтыштарынын өзгөчөлүктөрү” (1989) аттуу эмгектерин окурмандарга сунуштады.

Төкмөлүктүн табияты, синкреттик абалы, чыгармачылык багыты, мазмуну, проблемаларды көтөрүшүнө карата акындарды топторго ажырымдоо иши адабиятчы Б.Кебекованын “Кыргыз эл ырчыларынын тарыхынын очерктери” (-Б., -2009) аттуу эмгегинде кеңири планда жазылган. Мындан сырткары жамакчылык менен төкмөлүктүн карым-катышы талдоого алынып, жамакчылык ыр жаратуунун ыкмасы катары каралат. Бул монографиялык эмгекке чейин автордун “Кыргыз, казак акындарынын чыгармачылык байланышы” (1985), “Кыргыз, казак фольклордук байланышы” (1982) аттуу эмгектери жарык көрүп, эки элдин фольклордук туундуларынын карым-катышын артырууда тематика, мазмун, форма жагынан баюусу Чөжө, Катаган, Сүйүмбай, Эсенаман, Майкөт, Жаныш, Сарбас, Жамбыл, Токтогул, Ысак, Кенен, Калык Алымкул, Осмонкул акындардын чыгармачылыгын талдоо аркылуу чечмеленет. Ал эми айтыш өнөрүнүн өнүгүү баскычтары, синкреттүү табияты А.Обозкановдун “Төкмөлүктүн башаты, калыптануу этаптары жана синкреттүү табияты” (-Б., 2006.) аттуу эмгегинде иликтенет. Бул эмгегинде автор, ырчылыктын табиятын, айтыш өнөрүнүн түрлөрүн, акындар чыгармачылыгындагы салттуулук жана өздүк чеберчилик маселелерин талдоого алган.

Постсоветтик мезгилде көркөм туундуларга карата жаңыча мамиле кылуу иши колго алынып, акындык өнөр ар тараптуу жаңыча талдоого алына баштады. Бул багытта бир катар диссертациялык изилдөөлөр жазылып, ал эмгектерде айтыштар тууралуу аз да болсо илимий пикирлер айтылып кеткен. Мисалы, чечендик кеп менен айтыштын жакындыгы жана айырмачылыгы адабиятчы А.Турдугуловдун “Акындык поэзиянын көркөмдүк табияты”(2010) деген диссертациялык изилдөөсүндө талдоого алынып, чечендик кепти түзгөн негизги критерийлердин акындар айтышында толугу менен сакталары “Эсенаман менен Жеңижоктун” “Талым кыз менен Көбөктүн” айтышын талдоо аркылуу чечмеленет. Ал эми, С.Тиллебаевдин “Унутулган жазгыч акындардын чыгармачылыгы” (2013) аттуу изилдөөсүндө тарых бүктөмүндө калган акындардын көркөм мурастарында кеңири жолуккан жанр катары айтыштар талдоого алынат. Ошондой эле А.Жусупбеков, А.Ибраимова, Н.Бегалиева, Макелек Өмүрбай, У.Алимовдордун кандидаттык диссертацияларында ар бир изденүүчүнүн изилдөө объектилерине жараша айтышка кайрылып, өз пикирлерин билдиришкен. Жалпысынан алганда айтышка тике тиешеси бар бир-эки гана

эмгекти эске албаганда айтыштар жалпы фольклордук жанрлардын фонунда, акындардын чыгармачылыгын иликтөөдө же акындык өнөрдүн табиятын аныктоо максатында жазылган иштерде гана үстүрт иштелгенин көрүүгө болот.

Биринчи бөлүмдүн **“Айтыштын жанрдык белгилери, жалпылык жана жекелик мүнөзү”** аттуу экинчи параграфы айтыштын жалпылык жана жекелик мүнөзү, жанрдык белгилери, “акын”, “ырчы” аталыштарынын мааниси тууралуу маселелерди караштырууга арналган.

“Айтыш” деген атоону окумуштуу М.Ауэзов: “айтысу, тартысу, дауласу, немесе жарысу, сынасу мағынасында колданылады” [Ауэзов, М. Айтыс өлеңдери. – Астана, 2013. –13-б.] деп белгилесе, Ж.Таштемиров: “айтыш” деген сөздүн төркүнү “айт” деген буйрук этиштен келип чыкканы талашсыз. Кадыресе учурларда бир адам экинчи жактагыга “айтыш” деген буйрукту берип калат. Эгер алгачкы башталышында кош буйрук этиштин маанисинде айтылып келсе, акыры оозеки эл чыгармачылыгынын бир түрүнүн түшүнүгүн - айтыш ырлары туюндуруп калган” [Таштемиров, Ж. Токтогулдун айтыштарынын өзгөчөлүгү. – Фрунзе, 1989. –5-б.] – деп белгилейт. Чындыгында “айт”, “төк”, “ак” деген өңдүү буйрук этиштердин семантикалык маанилерине ылайык ырчылык өнөрдөгү “айтыш”, “төкмө”, “акын” деген сөздөрдүн тилдеги лексиканын ички баюу жолдоруна ылайык жаралганын көрөбүз. Ал акырындык менен лексикалык мааниден элдик оозеки чыгармачылыктын бир жанрынын атоо маанисине чейин жеткен.

Айтыш эки же андан көп адамдын катышуусунда калың элдин алдында аткарылып, чечендикти, сөз тапкачтыкты, билгичтикти, бир эле учурда бир канча өнөрлөрдү (обон кошуу, эл алдында аткаруу, аспап менен кошоо ж.б.) жуурулуштурган өзгөчө чеберчиликти талап кылат. Мындан улам аткаруучуларда ички эрегишүү, таймашуу орун алып, алардын арасында утуу же утулуу деген күч сынашуу орун алат. Аткаруучулардын өнөр сыноосун таразалачу көрөрман журт, калың эл болуп саналат.

Айтыштардын аткарылуу орду чоң-чоң жыйындар, той, аштар, оюн-зоок кечелери болуп келсе, кийин белгилүү бир майрамдык даталарга, юбилейлерге байланыштуу уюштурулган кароо, конкурстарда эл назарында өткөн.

Айтыштар эки же андан көп ырчынын аткаруусунда алым-сабак же кезектешип ырдоо формасында аткарылган. Эки акындын ырдашуусунан түзүлгөн айтышты экиге бөлүп кароо мүмкүн эмес, себеби, чыгарма эки же андан ашык акындардын ырдашуусунда жаралганы менен тигил же бул турмуштук окуяны же кубулушту баяндаган өзүнчө өзгөчөлүккө ээ бүтүн бир чыгарма экенин көрөбүз.

Ырчылардын айтышында элдин турмушун, социалдык абалын, өткөнү менен учурдагы жашоосун чагылдырууга басым коюлуп, улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктардан собол салуу же жооп кайтаруу аркылуу мөрөйгө жетүү милдети коюлган.

Фольклордук башка жанрларда турмуштук окуялар, сүрөттөлүп жаткан объект максатка ылайык түз сызык аркылуу уюштурулуп, айтуучуга белгилүү болуп турса, айтыштарда өнөктөштүн соболуна, жандырмагын

талап кылган табышмагына же жоопторуна байланыштуу чыгарманын объектиси өзгөрүп, күтүүсүздүк мүнөздүү. Башкача айтканда, ырчынын эмне жөнүндө ырдаары өнөктөшүнүн кадамына жараша өзгөрмөлүү келип, ырчынын дүйнө таанымынын, сөз байлыгынын кенендигин, соболго жараша дароо жооп кайтарууга көнүккөн жогорку чеберчилигин талап кылат. Демек, ***айтыш – импровизациялык өнөрдүн бийик чегин көрсөтүп, публика менен түз байланышта аткарылып, өзүнө тиешелүү мазмун жана формалык өзгөчөлүктөргө ээ болгон оозеки чыгармачылыктагы жанр***.

Айтыш - фольклорго тиешелүү белгилерди өзүнө сиңирип, көркөм адабий процессте профессионалдуулуктун башатында турган өзгөчө феномен. Мындан улам айтыш *фольклордук туундубу же индивидуалдуу чыгармачылыкпы* деген суроо келип чыгат.

Айтыштар өзгөчө адат-салт айтыштары калк турмушунан алынып, эл массасына кызмат кылып, жалпы журттун максат, мүдөөлөрүн, маданиятын, үрп-адатын, таалим-тарбиялык белгилерин ачып көрсөтүп, элдин кызыкчылыктарын чагылдырган **элдүүлүк** мүнөзгө ээ. Адат салт айтыштары алгачкы башатында бир адам жаратса дагы жамаат менен аткарылып, эл арасында оозеки жашап, улам биринен экинчисине көчүп, алымча-кошумчалар менен толукталып **жамааттын** жалпы белгилерин өзүндө калыптандырган. Айталы, байыркы мезгилдерде үлпөттөрдө ырдалуучу “Сармерден”, “Жар-жар” ж.б. “Бука ырчы менен Айгандын айтышы”, “Талым кыз менен Көбөктүн айышы” уламыш, легенда түрүндө эл арасында жашап, жамааттык белгилерин өзүнө сиңирген айтыштар.

Айтыш ырларынын баштапкы үлгүлөрүндө туруктуу текст жок. Бир эле айтыштын жаралуу мезгили, орду, аткаруучусу жагынан ар башка маалыматтарды табууга болот. Чыгарманын негизги мазмуну сакталганы менен мотивдер, сүрөттөөлөр, ойду берүү ыгы алмашып, **варианттуу** келет. Мисалы, адат-салт айтыштарынан тартып ырчылардын айтыштарына (Арстанбек менен Картаңбайдын айтышы, Жеңижок менен Эсенамандын айтышы ж.б.) чейин варианттуу экенин көрөбүз.

Айтыш эч кандай даярдыксыз, кандай жагдай шарт болбосун төгүп ырдоого ылайыкташылган элдик поэзиянын **оозеки түрү**. Анда алдынала даярдык көрүү, план түзүү, оңдоо, редакциялоо сыяктуу процесстер жүргүзүлбөйт. Мындан сырткары кандайдыр бир нерсени же көрүнүштү образдуу түрдө сыпаттап көрсөтүү үчүн колдонулган туруктуу эпитеттер, кайталоо, параллелизм, салыштыруу сыяктуу көркөм каражаттар көп колдонулуп чыгарманын көркөм-эстетикалык өзгөчөлүгүн көтөрүп турат. Санап өткөн бул белгилер айтыштын фольклордук мүнөзүн аныктайт. Адабиятчы П.Ирисов да айтыштын тарыхын, келип чыгышын иликтей келип, бул өнөрдү “кыргыздарда эзелтен бери келе жаткан фольклордук көрүнүш” [Ирисов, П. Кыргыз айтыштарынын жанрдык өзгөчөлүктөрү: филол.ил.канд. ... дисс. – Фрунзе, 1971. – 6-б.]экенин белгилейт. Ал эми айтышта фольклор менен катар адабиятка тиешелүү белгилер да калыптанган. Белгилүү адабиятчы В.Я.Проптун “Фольклор и действительность” (М.: Наука, 1973. - С.20) деген эмгегинде адабият менен фольклордун карым-катышы жогорку деңгээлде талдоого алынып, адабияттын бир катар белгилери саналат. Автор

ал эмгегинде адабияттын **бир жаралып, өзгөрбөй турган** касиетин белгилейт. Бул өзгөчөлүк XX кылымдын экинчи жарымынан тарта бүгүнкү күнгө чейин жеткен автору белгилүү айтыштардын көбүндө сакталган. Мындан улам акындар айтышынын вариантуулук, коллективдүүлүк касиети басаңдап, фольклордук белгилери жоюлат да жекеликке багыт алат.

Автору белгилүү айтыштарды коом же эл массасы эмес бир адам, ырчы жаратат. Бул жагынан айтыштар **индивидуалдуу чыгармачылык** болуп эсептелет. Бул тууралуу адабиятчы С.Искендерова акындардын чыгармачылыгын "элдик оозеки чыгармачылыктан бөлүнүп, жеке чыгармачылыкка өтүү кырдаалында турган кош бирдиктүү процесс" [Искендерова, С. Жекече чыгармачылык менен көркөм мурастын айкалышы. – Бишкек, 2010. -65-б.] десе, казак окумуштуусу М.Ауэзов төкмө ырчыларды фольклордук салт менен жазма же индивидуалдуу поэтикалык маданиятты алып жүрүүчүлөрдүн ортосундагы "фигура" катары мүнөздөйт [Ауэзов, М. Айтыс өлендери К-те: Айтыстану. – Астана, 2013. – 121-123-б.]. Адабиятка жакындашуу "Куба кой менен ээсинин айтышканы", "Кара кашка менен Осмон", "Коңур каз менен чолок каз", "Сары эчки менен ээси" ж.б.у.с. айтыштарда басымдуу. Бул чыгармаларды Ж.Таштемиров "мындай түрдөгү айтыштарды тамсилдин таасири аркылуу акындар тарабынан пайда болгон" [Таштемиров, Ж. Токтогул жана акындык поэзия. – Фрунзе, 1980. –21-б.] айтыштар катары караса, казак адабиятчысы А.Шарип "мындай түрдөгү айтыштар бул түрдүн нак өзү эмес, акындын чыгармачылык мүдөө-максатына карай айтыштын мазмун-форма жана жанрдык мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу – сүрөткердик максат менен көркөмдүк амалдын көрүнүшү" Айтыс. 1-том. – Алматы, 1965. -182-б.] катары карайт. Мындай чыгармаларды тамсилдик мазмунду, айтыштын диалогдук формасын пайдалануу аркылуу жаралган автордук көркөм туунду катары кароого болот. Демек, айтыштар бүткүл турпаты менен фольклордо калбаган же биротоло адабиятка өтүп кетпеген өзгөчө жанр.

Көркөм чыгармалар реалдуу турмушту чагылдыруу жагынан түрлөргө бөлүштүрүлөт. Ал түрлөр бири-экинчисинен окчун турабастан бир жанрдагы чыгармада экинчисинин сүрөттөө ыгы аралаша берилиши мыйзамченемдүү көрүнүш. Айтыштарды тигил же бул түргө киргизүү адабиятчылардын пикиринде ар башка чечмеленип жүрөт. Адабиятчы Ж.Таштемиров: "...айтыш ички композициялык түзүлүшү, коомдук жана турмуш тиричилик жагдайды камтуу бөтөнчөлүгү менен айырмаланып турган жанр. Мына ушул жагдайдан алып караганда айтышты эпикалык жанр деп атоого өбөлгөлөр бар" [Таштемиров, Ж. Токтогулдун айтыштарынын өзгөчөлүгү. – Фрунзе, 1989. –10-б.] – деп, айтышты эпикалык түргө жакындаштыа, казак айтыштарын изилдөөгө алган А.Коңуратбаев: "Айтыста эпизим сарыны жоқ, бола қалса, ол бөлек-бөлек кестелер ғана. Айтыс – лирикалық форма, оның бір жағы – мадак, бір жағы – сатира болып келеди" [Коңуратбай, А. Айтыш поэзиясынын табигаты. К-те: Айтыстану. – Астана, 2013. -107-б.] – деп айтышты бүткүл турушу менен лирикалык формага жатат дейт. Айтыштарды адабияттагы үч түрдүн бирине таандык кылуу талаштуу маселелерден болуп келгенине анын өтө синтездешкен жанр экени себеп

болгон. Айталы, "Токтогул менен Эшмамбетин айтышы", "Калык менен Эшмамбеттин айтышында" калктын турмушу, акындардын керт башынын кыйынчылыктары баяндоо ыгында ырдалып, эпикалуулук басымдуу болсо, "Сүйүмбай менен Арстанбектин", "Эсенаман менен Жеңижоктун айтыштарында" драматизм арбын кездешет. Бирок ошондой болсо дагы, айтыштар ар **бир ырчынын** акыл чабытынан, ой жүгүртүүсүнөн жаралат. Турмушка, чөйрөгө, кубулушка карата өз көз караштарын, туюндуруп, өз ойлорун ортого салып, **ички сезимдерин** билдирет. "Айтышка чыккан баш каарман акындын өзү" демек, ал **лирикалык "мен"** аркылуу баяндалып жатат. Буга замандын түр түспөлү, акындар жашап жаткан учурдун ар түрдүү маселелерине акыл калчаган "Арстанбек менен Каңтарбайдын айтышы" ачык мисал боло алат. Мындан сырткары ырчынын ой туюмунун башкы планга чыгышы, ашкере эмоционалдуулук, поэтикалык каражаттардын арбын колдонулушу, чыгарманын туруктуу ритмикалык курулушу, муун өлчөмүнүн бирдейлиги, уйкаштыктын кайталанган абалда түзүлүшү лирикалык жанрга өтө жакындатып турат. *Демек, айтыштарды драмалык жана эпикалык жанрдын элементтерин өз ичине камтыган элдик лирикалык ырлардын бир түрү катары кароого болот*.

Башка фольклордук туундулардан айырмаланып айтыштарда **таланттуу кыздардын** катышы көп дешке болбойт. Бүгүнкү күндө бизге акын катары таанылган Чата кыз, Анаргүл, Наркүл (Нааркан), Ырыскүл, Ак Бермет, Балкы кыз, Шекер кыз сыяктуу чектелген гана ырчы кыздардын ысмы белгилүү. Булардын чектелүү санда болушуна "кыргыз коомчулугунда уруучулук-феодалдык доордун нрава-этикалык эрежеси боюнча ак элечек аялдын эл кыдырып ырдап, шардана жүргөндүгү анчалык кубатталганы" [Кебекова, Б. Кыргыз эл ырчыларынын тарыхынын очерктери. – Бишкек, 2009. -209-б.]. себепчи болгон. Совет мезгилинде ырчы кыздардын чыгармачылыкка аралашуусу дээрлик жокко эсе. Ал эми эгемендик мезгилинде Майра Керим кызы, Ж.Кожобекова, Ж.Арзыматова өңдүү чыгармачылыктын туткасын кармап жүргөн кыздар бар. Демек, ырчы кыздардын жолун улоо эгемендик жылдарында өз деңгээлинде болбосо да бирин-серин көрүнө калып жатат.

Айтыш - көпчүлүк назарында, **тыңдоочу журттун** көз алдында өткөн. Анда **аудитория** менен ырчынын карым-катышы да өзгөчө сөз кылууга арзыйт. Себеби, акындар – карапайым калктын маселелерин, алардын турмушун, баамы жетип көргөн билгендеринин баарын элден алып, аны жан дүйнөсүнө жалгаштарып, кайрадан калкка тартуулоочу өнөр адамы. Ал эми калың журт (аудитория) ырчыны угуучу, ага демөөр берүүчү чоң күч. Мына ушундай өтмө катар байланыштын өзү ырчылыктын бүгүнкү күнгө чейин сакталып турушунун негизги белгиси дешке болот.

Демек, айтыш – элдик оозеки чыгармачылыктын бай салттарына каныккан акындар чыгармачылыгындагы өзүнө тиешелүү мазмун жана формага ээ болгон өзгөчө жанр катары мүнөздөөгө болот. Анда фольклордук касиеттер толук сакталып, жекеликке умтулуу бар. Ошол себептен айтыштарды фольклор менен адабияттын ортосунда жаралган өзгөчө жанр катары карообуз жөндүү.

Биринчи бөлүмдүн **“Айтыштагы көркөм салттуулуктардын типологиясы”** деген үчүнчү параграфында айтыш өнөрүндө жандуу кубулуш катары бүгүнкү күнгө чейин сакталып келген салттуулуктар талдоого алынат.

Айтыштар өзү төкмөлүк өнөрдүн көп кылымдан бери сакталып келаткан салттуу түрү. Өз кезинде айтыштарда да калыптанган бир катар салтуулуктарды байкоо кыйын эмес. Айтыштардагы салтуулуктарды анын синкреттүү абалынан, акындын эч кандай даярдыксыз аудитория алдында төгүп ырдоосунан, ырчылыкты өздөштүрүү салтынан, поэтикалык, тематикалык окшоштуктардан көрүүгө болот.

Ырчылык өнөр – “тутумуна ашкан ойчулдукту, акылмандыкты, чынчылдыкты, чечендикти, куудулдукту, тарыхчы, этнографтык, артистик, аткаруучулукту камтыган ары татаал, элдик өнөр” [Обозканов, А. Төкмөлүктүн башаты, калыптануу этаптары жана синкерттүү табияты. – Бишкек, 2006. –14-б]. Өнөрлөрдүн мындай биргелешүүсү илимде синкретизм түшүнүгү менен аныкталат. Айтыштарда синкертизм эки багытта колдонгонун көрөбүз. Биринчиден, ырчылык, обончулук, аткаруучулук, комузчулук ж.б. өнөрлөрдүн аралаша берилишинен көрүнөт. Буга Токтогул, Калык, Омонкул баш болгон төкмө ырчылардын чыгармачылык ар тараптуулугу мисал болот. Экинчиден, айтышта бата, мактоо, кордоо, арман, кошок өңдүү бир канча жанрлардын сапат-белгилери синтездештирилип, ийгиликтүү пайдаланылат. Демек, айтыш фольклордук жанрлардын сапат-белгилерин ийгиликтүү колдонушу менен синкреттүү болсо, аны жараткан ырчылар искусстводогу бир нече өнөрлөрдү жуурулуштура алып жүрүүсү менен синкреттик белгилерди калыптандырат.

Ырчылар поэзиясында сакталып келген салттуулуктардын дагы бири өнөр үйрөтүү, үйрөнүү сыяктуу муундардын **чыгармачылык байланышы** экенин көрүүгө болот. Өнөр үйрөтүү, үйрөнүү б.а. устат-шакиртчилик дүйнөлүк элдеринин көбүндө кездешүүчү көрүнүш. Устат-шакиртчилик өз кезинде бир катар салттуулуктарды калыптандырат. Өнөрлүү адамдан үйрөнүп, кайра аны кийинки муунга берүүдө чыгармачылык таасир маселеси алдыга чыгат. Мисалы, акын Токтогулдун бала кунүнөн эле энеси Бурманын жомоктору, ырларына канып, Орозалы, Жаныш, Айтыке, Найманбай өңдүү ырчылардын чыгармаларына шыктанып, кийин Чоңду, Сартбай, Көчүбай өңдүү чоң ырчылардан алган таалим алат. Чыгармачылык таасир улам күчөп өзүн-өзү тарбиялоо, өнөр үйрөнүү сересине чыгат. Жөндөмдүн өнөргө өтүү процессинде өзүн-өзү тарбиялоо абдан чоң ролду ойнойт. Өнөргө талапкердин өз алдынча жеке даярдыгы акырындык менен курбалдаштарынын арасында ырдай коюуга көтөрүлөт. Андан улам ар кандай аш, тойлордо секетбай, күйгөн ырларды аткарып, бир айылдын чегинде таанымал ырчы атала баштайт. Мына ошол ырчылыкка ык коюп, уккан ырларын өз алдынча аткарып кези келгенде унутта калган саптарын өз ара жамактай коюп, ырчылыктын татаал жолунда түйшөлүп жүргөн жаш талапкер айылдагы ырчылардан таалим алып, ырчылыктын сырларын өздөштүрөт, үлгү алат. Буга Токтогулдун Калык, Коргол, Осмонкул, Жеңижок сыяктуу акындарга жол көрсөтүп аларга устат болгонун көрөбүз.

Устат-шакиртчилик байыркы жазуу маданияты калыптана элек мезгилде жандуу байланышып, ээрчишип жүрүү, ырдашуу аркылуу жүзөгө ашкан. Анда чоң ырчылар менен саламдашуу, анын көңүлүнө толуп, шакирт катары бирге жүрүү, айтышка түшүү, батасын алып өз алдынчалуулукка өтүү, пир тутуу сыяктуу үйрөнүү процесси жүргүзүлгөн.

Өнөр үйрөнүүдө ырчылыктагы ой куроо, көркөмдөө, соболго жараша жооп айтуу, өнөктөштүн оюн улоо, курчап турган аудитория менен байланыштагы түрдүү жагдайларга (ал сүрөө иретинде же тескерисинче токтот деп алымсынбаган маанайда болушу мүмкүн – М.К.) даяр туруу сыяктуу чеберчиликтин сырлары үйрөтүлөт. Кыскасы, өнөктөшүнүн чыгармачылыктагы түрдүү манёврларына даярдалат. Мындан сырткары бата алуу, пир тутуу дагы айтыш өнөрүндөгү салттуулуктардан. Мисалы, калк ырчысы аталган Арстанбек Жеңижокко ырчылыктын жайын айтып:

Ырчы болсоң, сынчы бол.
Зөөкүрдү чабар камчы бол.
Кургак жерге тамчы бол,
Дүлөйлөргө кулак бол.
Чөлдүү жерге булак бол.
Канкорлорго касап бол,
Калп айтканга мазак бол"[Арстанбек. Түз.: Б.Кебекова. – Бишкек, 1994. - 180 б.] – деген батасын берет.

Ырчылыкта устаттын батасына каныпl, жолу ачылган деп билген шакирттер аны пир тутушкан. Кезинде Токтогул Чоңдудан таалим алып, аны пир тутса, Токтогулду Калык, Алымкул, Коргоолдор пир туткан. Устатты пир тутуу, бата алуу казак, кыргыз, каракалпак, түркмөн акындарына бирдей жөрөлгөлөр экени илимий адабияттарда белгиленген.

Ырчылар поэзиясында калыптанган салтуулуктардын бири- тематикалык салттуулук. Тигил же бул теманын акындардын жекече талантына, түшүнүгүнө жараша түрдүү интерпретацияланышы. Ошондой эле поэтикалык салттуулуктар, сүрөттөө, салыштыруу, көркөмдөө сыяктуу салттуу ыкмалар да бүгүнкү күнгө чейин колдонулган салттуулуктардын катарын толуктайт.

**"Айтыштын түрлөрү"** деген төртүнчү параграфта айтыштын түрлөрү талдоого алынат. Айтышты формалык, мазмундук жактан классификациялоо иши 1943-жылы жарык көргөн "Кыргыз адабиятынын очеркинде" колго алынган. Кийин айтыштарды маанилик жактан топторго ажырымдоо ишине Б.Маленов, С.Мусаев, Т.Саманчиндер кайрылып ар бири өз мүмкүнчүлүктөрүнө жараша классификациялоого аракет кылса, Ж.Таштемиров айтышты [Таштемиров, Ж. Токтогулдун айтыштарынын өзгөчөлүгү. – Фрунзе, 1989. –15-б] турмуш-салт айтыштары, чечендер айтышы, акындар айтышы деген үч топко бөлүштүрөт. А.Обозкановдун классификациясы акындар айтышына гана жүргүзүлсө, П.Ирисов [Ирисов, П. Кыргыз айтыштарынын жанрдык өзгөчөлүктөрү: филол.ил.канд. ... дисс. – Фрунзе, 1971. – 25-б.] айтыштарды адат-салт жана акындар айтыштары деген эки чоң топко бөлүп, андан ары адат салт айтыштарын: кыз менен жигиттин айтышы, кайым, акый, сармерден деген топторго бөлүп, акындар айтышын

алым-сабак, табышмактуу айтыш, кордошуу айтышы, учурашуу айтышы, салтанаттуу айтыш деп өзү жашап жаткан мезгилдеги айтышты кошот. Негизинен бул бөлүштүрүү айтыштын өсүп өнүгүү процессин көңүлгө алуу менен, жанр катары мүнөзүн толук чагылдыруу максатында аткарылган бөлүштүрүү дешке болот. Жалпылап алганда, айтыштарды маанилик жана формалык жактан ажырымдоо ишинде бир беткей чыгарылган пикир жок. Ар бир изденүүчү адистик мүмкүнчүлүгүнө жараша түрдүү топторго ажырымдаган. Казак фольклор таануу илиминде да айтыштарды классификациялоо ишинде өтө ар түрдүү пикирлер орун алган. Айрымдары топторго ажырымдоодо адат-салт айтыштарына басым жасаса, экинчи бирлери акындар айтышына басым жасайт. Биз түрдүү багыттагы бөлүштүрүүлөрдү анализдеп келип айтышты төмөнкүдөй бөлүштүрүүнү ылайык көрдүк:

1. Адат-салт айтыштары:

а) ар кандай жөрөлгөлөргө байланыштуу айтылган айтыштар: сармерден;
б) кордоо же мактоо маанисинде айтылган айтыштар: акыйнек, кайым;
в) турмуштук айтыштар: кыз менен жигит, эпкиндүү келин менен жалкоо жигит ж.б.
г) чечен айтыш;

2. Акындар айтышы.

1. Формалык жактан: а) алым сабак
б) санат айтыш,
2. Маанилик жактан: а) табышмактуу айтыш,
б) кордоо айтыш
в) тамашалуу айтыш
г) учурашуу айтыш

Айтыштарды мүнөзүнө жараша топторго ажырымдоо өтө шартуу түрдө экенин эскерте кетишибиз керек. Себеби, ар бир айтыштын түрү экинчи бир түр менен аралашпай өзүнчө бөлүнүп турбасы белгилүү. Ырчынын айтуу ыкмасына, элдин сүрөөнүнө, экинчи өнөктөшүнүн соболдоруна жараша бир эле айтышта кордоо, табышмак, тамаша өңдүү түрлөрдүн аралаша берилип, ал алым сабак формасында же турмуштук ар кандай жагдайларды санаттап узун сабак ыр түрүндө берилиши мүмкүн. Буга Токтогулга Барпынын алгач жолугушуусунда учурашып ырдашканы мисал болот.

Адат-салт айтыштары бүгүнкү күндөгү акындар айтышынын жаралышына негиз болуу менен өзүнө ылайык бир катар өзгөчөлүктөрдү калыптандыра алды:

- Адат-салт айтыштары элдик ишенимге, каада-жөрөлгөлөргө, салттарга байланыштуу жаралды;
- Адат-салт айтыштарындагы диалогдук форманын калыптанышы, мөрөйгө жетүү, өнөр сыноо, ырдашуу менен жеке маселелерин козгоо өңдүү өзгөчөлүктөр акындар айтышынын жаралышын шарттады;
- Анын ар бир түрү өз алдынча бир максатты (күлдүрүү, чымчылашуу, кордоо, жоктоо, убакытты өткөрүү, эмгекти жеңилдетүү ж.б.) көздөп, ойду берүү ыгы чектелүү болду;

Адат-салт айтыштарынын орундалышы, аткаруучу жана угуучу маселесинде да айырмалуу. Анда көпчүлүк түрлөрү коллективдүү аткарылып, кезектеше ырдашуу мүнөздүү болсо, мезгилдин өтүшү менен кайым, кыз менен жигиттин айтыштарында жекеликке карай багыт алуу көрүнөт.

Айтыштардын чоӊ тобу бул - акындар айтышы. Мында нөшөрлөтө төгүлгөн уйкаштуу ыр түрмөктөрү менен өнөр сынашуу болуп саналат. Акындар айтышын эки нукта кароо максатка ылайык. Биринчи, формалык жактан алым-сабак жана санат. Маанилик жактан табышмактуу айтыш, кордоо айтыш, тамашалуу айтыш, учурашуу айтыштары деп бөлүштүрүлдү. Себеби, акындардын айтышы мейли ал кордоо, тамаша же табышмактуу болобу алым сабак формасында же, санатталган узун сабак формада болот. Мындан улам алым-сабакты айтыштын маанилик түрү эмес, формалык көрүнүшү катары кароо туура болчудай.

Айтыштын негизги түрү болгон алым сабак формасында айтышуу өзүнө ылайык өзгөчөлүктөргө ээ. Бул түр устат ырчылардын өнөр үйрөтүүдөгү негизги ыкмасы катары өтө көп пайдаланылган. Себеби, алым сабак ар бир акындын өз бет алдынча ырдашуусуна мүмкүндүк бербейт. Тескерисинче айтышка түшкөн акындар биринин оюн экинчиси улап, уйкаштыгын бузбай, логикалык, мазмундук жактан улам тереӊдетип, күчөтүп, өнөктөшү баштаган ойду корутундулап жүрүп олтуруу шарты тагылган. Алым сабак айтышы эки, үч кээде андан көп ырчылардын катышуусу менен аткарылат. Мисалы, Токтогул менен Калыктын “Анжиян тарабында” деген алым сабагында Анжиян тарапта эл кыдырып жүргөн Токтогул менен Калыктын Мырзакулбектин тоюнда Маман деген дыйкандын Акбайпак деген күлүгү баш байгени алып келгенин ырга салып:

Токтогул: “Айткын балам элирип,
Аты чыккан Маманды,
Калык: Акбайпагыӊ топ жарган,
Азамат Маман аманбы?
Токтогул: Курсакта жатып жай болгон,
Кулун туулуп та болгон.
Калык: Тай кезинде таптаган,
Кунанында мактагын.
Токтогул: “Бузулуп калар бекен” деп,
Быштысында чаппаган.
Калык: “Анык күлүк болот” деп,
Асыйына сактаган” [Токтогул. Чыг.эки томдук жыйнагы. 1-том. – Фрунзе, 1989. - 232-б.]. –деп, эки ырчынын биринчиси кандай ой айтса, экинчиси ошол ойду андан ары тереӊдетип, мазмун, форма, ыр куруу, уйкаштык жагынан ээрчип, улантып же ойду корутундулап олтурганын көрөбүз.

Кордоо айтыштарында эл алдында сындыруу, өз уруусунун намысын коргоо, өч алуу сыяктуу белгиленген максатты көрүүгө болот. Мындан улам өз тарабын мактап, каршысынын айыбын ачып, кордоп, келекелеп ырдоо мүнөзү жаралган. Мисалы, “Айтыке менен Балыктын айтышы”, “Карамырза

менен Накендин айтышы”, “Наркүлбүбү менен Жеңижоктун айтышы”, “Эсенаман менен Жеңижоктун айтышы” ж.б.

Байыркы учурдагы аты уламышка айланган Бука ырчынын Айгандын уулу Жучининин өлгөндүгүн угузуу үчүн колдонулган табышмак айтыштын үлгүсү кийин Талым кыз менен Көбөктүн айтышында уланып, өнүктүрүлүп, XIX кылымдын экинчи жарымы XX кылымдын баш чендеринде жашаган эл ырчыларынын чыгармачылыгында айтыштын бир түрү катары улантылды. Табышмак айтыш мүнөзү боюнча өтө татаал түргө кирет. Табышмактын аткарылуу ыгы боюнча биринчиси мааниси туюк, табышмак түрүндөгү ырларды ырдап катса, экинчиси аны туура, так чечмелөөгө акылуу. Айталы, “Эсенаман менен Чоңдунун айтышы” бул түрдөгү айтыштын ачык күбөсү.

Чоңду: “Алыс менен жакындын,
Ченин алган бар бекен?
Кызыл жылан ширгелек.
Кымыз ичкен бар бекен?
Узун жыгач башынан,
Улап алган бар бекен?” - деп баштап, узун сабак табышмагын катып келип, “Муну таап айтып бер, муну таап айтпасаң, Алганыңды кайтып бер” – деп табышмактын жандырмагын талап кылат. Мына ушундай табышмактуу айтыштын классикалык үлгүлөрүнө айтылуу “Чоңду менен Арстанбектин айтышын”, “Байгабыл менен Чата кыздын айтышын”, “Токтогул менен Найманбайдын айтышын” кошууга болот.

Байыркы мезгилдеги маданий-агартуучулук мекемелердин жок учурунда “бир адамдын театрына” айланган ырчылык өнөр өзгөчө тамашалуу мүнөздө болгон. Мындай мүнөздөгү айтыштар жай учурларда, белгилүү аш-тойлордо, жоролордо, карапайым элдин көңүл маанайын көтөрүү, элге өнөр көрсөтүү максатында ырдалган. Тамашалуу айтыштын дагы бир белгиси айтышка түшкөн эки ырчы бири-биринин кемчилдигин көрсөтүп чымчылашып, күлкү менен, азил, сын какшык менен шөкөттөлөт. Тамашалуу айтыштар турмуштук ар кандай жагдайлардан улам айтылып, объектиси өтө кенен. Мисалы, Токтогул менен Эшмамбеттин «**Папы калпа**» деген айтышы буга миса болот. Калпа болуп калктын канын соргон Папыны мындай күлкүгө алышат:

Эшмамбет: «Кадырың бар» дейт калпам ай,
Токтогул: Калктын пулун казганган,
Каңырайган маңкам ай
Эшмамбет: «Ээси бар» кишим калпам ай,
Элдин малын казганган,
Этексиз чирик маңкам ай – дешип эки акын ырдап киргенде, айлана күлкү, каткырыкка толуп, Папы калпа эл аралап качып кеткен дешет. Мындай айтыштарга "Айдыраалы менен Калыктын айтышын”, “Эшмамбет, Токтогул, Кара Курмандын айтышын”, “Найманбай менен Куйручуктун айтышын”, “Үмөтаалы менен Сулаймандын айтышын” кошууга болот. Булардан сырткары чечен айтыш менен санат айтыш дагы акындар айтышынын түрлөрү катары аткарылып келет.

Диссертациянын экинчи бөлүмү **“Айтыш өнөрүнүн өнүгүш эволюциясы”** деп аталып, үч параграфтан турат. Бул бөлүм толугу менен айтыш жанрынын өсүп-өнүгүшүнө арналып, айтыш өнөрүнүн өнүгүш жолу мезгилдештирилип, ар бир этапта сакталган салттуулук жана жаңычылдык маселелер талдоого алынат.

Биринчи параграф “**Айтыштын өнүгүү этаптары: «классикалык доордогу» көркөм салттуулуктардын сакталышы”** деп аталат. Айтыш өнөрүнүн качан пайда болуп, кандай шартта өсүп-өнүккөнү тууралуу адабият, фольклор таануу илимдеринде бир беткей пикир жок. Казак айтыштарын талдоого алган С.Муканов [Муканов, С. Айтыстар туралы // Китепте: Айтыс. I том. – Алматы, 1965. – 551-б.] VIII - VII кылымдардагы Иран, Инди элдериндеги “мушаира”, “мугаллакат” деген айтышка жакын чыгармалар болгонун белгилесе, В.Бартольд түрк тилдүү элдердин маданий көркөм дөөлөттөрүнүн бири “Деде Коркут китебинде”байыркы бир замандарда айтылып, кийин башка маанини берип калган “узан” сөзү кездешерин, ал, музыкалык аспапта ойноп, белгилүү бир ырды жаратып, “Огуз наме” өңдүү эпосторду айтканын өнөр адамы экенин [Бартольд, В.В. История культурной жизни Туркменистана. – Л., 1927. – с. 146.] эске салат. Ушуга окшош эле пикирди А.Ю Якубовский айтып: “Коркуд китебинде” ырды айтуучу ырчы “узан” термини менен белгиленгенин, Коркут идеялдуу узан (бакшы) болгонун жазат. Мына ушул пикирлерге таянып Ж.Таштемиров “узан” деген сөз бир кездерде бакшынын да, шайырдын да, акындын да, ырчынын да маанисин түшүндүрүп келген экен” [Таштемиров, Ж. Токтогул жана акындык поэзия. – Фрунзе, 1980. –12 б.] – деген оюн билдирет. Казак окумуштуусу М.Ауэзов да “Коркут ата китеби” деген ат менен түркмөндөр, башкырттар, азербайжандар өздөрүнүн дастандарын жана накыл аңгемелерин б.а. оозеки чыгармачылыгын Коркуттан баштайт деген пикирин билдирет [Цитата алынды. Кыргыз адабиятынын тарыхы: Фольклористика. I том. – Бишкек, 2004. – 43-б]. Байыркы огуз-кыпчак урууларындагы эл шайырларын, ырчы, акындарын жалпылап атаган узан термини азыркы түркиялык түрктөрдүн ашик адабиятын (акындык өнөрдү) аркалап, атышмаларды (айтыштарды) ырдап жүргөн өнөр адамдарын “озанлар” деп атоосунун түпкү теги катары кароого болот. Демек, түрк элдеринде сөздү аздектөө, аны өнөр катары тутуу XVI кылымга чейин эле жашап келгенин ачык баамдоого болот. Ал эми кыргыз фольклор таануусунда айтыштардын алгачкы башаттары байыркы кыргыздардын тотемдик, Жерге, Суугa, Отко табынуу сыяктуу диний ишенимдерге, эмгек процессине, салттык жөрөлгөлөрдүн аткарылышына байланыштуу каралса, казак фольклористтери болсо айтыштын көөнө башаттарынын бири катары “арбак менен айтыш” деген культтук мүнөзгө ээ айтыштарды киргизет. Чындыгында, эмгекке (“Бекбекей”), ар кандай каада-жөрөлгөлөргө (“Жар-жар”, “Сармерден”) байланыштуу ырдалып, элдин көңүлүн көтөрүү, социалдык мамилелерди чагылдыруудагы ички эрегишүү (акыйнек, кордоо) маанайында жаралган адат-салт айтыштары кыргыз айтыштарынын алгачкы түйүлдүктөрү катары кароого болот.

Андан бери айтыштын үлгүлөрү улам бир баскычтан жаңырып, турмуштун түрдүү жактарын камтый берди. XIII кылымда жашап өткөн аты уламышка айланган Бука ырчынын атактуу Айгандын баласы Жучи дүйнө салганда атасына угузгандагы ыры, андан бери орто кылымдагы М.Кашгаринин «Түрк тилдер сөздүгүндөгү» «Кыш менен жаздын» айтышын, Кожа Ахмет Яссавинин «Дивани хикметтериндеги» «Тозок менен бейиштин айтышы» аттуу ырлары бул түрдөгү ырлардын нагыз үлгүсү катары жанрдын өсүү абалын көрсөтүп турат. Кыргыз элинин ар өнөргө маш келип, сөздү барктап, баалап, анын улуулугуна баш ийишине көчмөн маданияты өзгөчө шарт түзүп берген. Жылдын төрт мезгилинде жайлоодо, жаздоодо, күздөөдө, кыштоодо көчмөн турмушта өмүр кечирген эл табият менен таттуу алакада болуп, турмуштук кырдаалдарды, адам мүнөздөрүн мыкты баамдаган аналитикалык байкоочулугу менен жөндөм, шыктын өз ара айкашынан улам эмгек ырларынан тарта чоң-чоң эпикалык чыгармаларга чейин жараткан. Ал көркөм туундулар мезгил өткөн сайын өзгөрүп жанрдык белгилерге ээ болгон. Айталы, турмуштук түрдүү жагдайлардан улам келип чыккан адат-салт айтыштары мезгилдин өтүшү менен эл арасында биринен-экинчисине өтүп, өнүктүрүлүп жаңы формадагы айтыштын жаралышын шарттады. Бул бир, экинчиден уруучулук мезгилде ар бир уруу жакшысынын кылган иштерин даңаза кылып, өз уруусунун жетишкендиктерин ырга салып өз жагын мактап, каршысындагы уруунун кемчил жактарын шардана кылууга багытталган ички эрегишүү көркөм сөздүн күчү аркылуу чагылдырылган. Бул акындар айтышынын эл арасында белгилүү болуп, өзүнчө салтуулуктарын калыптандырган чыгармачылык жанр катары калыптанышына негиз болгон. Демек, коомдук түзүлүш, чыгармачылыктын айрым формаларынын бышып, экинчисине орун бошотуу мезгилинин жетилиши, адам аң сезиминин улам бийиктеши, калктын абалын таасын сүрөттөгөн ырчылыкка болгон элдин каалоо, талабы, ырчылардын элдин арасында жүрүп үй-бүлөсүн, жеке жашоосун өнөрдүн арты менен түптөшү акындык өнөрдүн калыптануусун шарттады. Акындар ырчылыкты кадимкидей кесип тутуп, аны өркүндөтүүнүн ыкма-жолдорун иштеп чыгып улам кийинки муундардын өздөштүрүүсүнө кызыкдар болушту. Ошентип оозеки жаралган айтыш жанры XIX кылымдын орто чени XX кылымдын башында кайталангыс өнөр соресине көтөрүлдү. Бул мезгил мерчеми адабият таануууда “**классикалык доор**” деп аталды.

Бул мезгилдик мерчемдин “**классикалык доор**” деп аталышы төмөнкү себептер менен аныктоого болот: б**иринчиден**, төкмөлүктүн бийик деңгээлдеги көрүнүшүнөн, масштабдуулугунан. Б.а. бул мезгилдеги айтыштар турмуштагы баардык нерселерди өз объектисине алып, дүйнө, өмүр, өлүм сыяктуу түбөлүктүү темалардан (“Чоңду менен Арстанбектин айтышы”, “Эсенаман менен Чоңдунун айтышы”, “Байгабыл менен Чата кыздын айтышы”, “Барпы менен Жеңижок” ж.б.)тарта, күнүмдүк турмушта эл көңүлүн көтөрүү максатында жайынча айтыштарды (“Үмөтаалы менен Сулаймандын айтышы”, “Айдаралы менен Калыктын”, “Токтогул менен Калыктын”ж.б.), ошондой эле өзгөчө чечендикти, чечкиндүүлүктү, жүгүрүк ойчулдукту талап кылган чечен айтыштарды (“Түкбаш менен Куйручуктун

айтышы”) жаратты; эк**инчиден**, айтыштардын ошол мезгил аралыгында спецификалык өзгөчөлүктөрүн калыптандырып, жанр катары толук кандуу жетилишинен, баардык түрлөрүнүн (кордоо, табышмак, алым сабак ж.б.) калыптанып жиктелишинен көрүнөт; **үчүнчүдөн**, XIX кылымдын экинчи жарымына чейинки көпчүлүк айтыштар оозеки эл оозунда калып, фактылык материалдардын көбү бизге жетпей калгандыктан бул мезгилде жашап өткөн Токтогул, Арстанбек, Калык, Эшмамбет, Коргоол, Нурмолдо, Барпы өңдүү акындарыбыздын көркөм мурастарынын кагаз бетине түшүп калуу “бактысы” менен аныкталат; т**өртүнчүдөн**, бул мезгилдеги айтыштардын эки акындын өнөр таймашынын чегинде гана ырдалбай “Сүйүнбай менен Арстанбектин”, “Нурбай менен Нурмолдонун” айтыштары сыяктуу бийик социалдык маани күтүп, эл тагдыры, доор маселесин көтөргөнү менен аныкталат; **бешинчиден,** идеялык-көркөмдүк дараметинин бийиктиги менен мезгилдин чегине сыйбай, бүгүнкү күндө дагы бийик эстетикалык кунарын жоготпой, кайсы мезгил болбосун зарылдык деңгээлинен түшпөгөндүгүнөн. Мисалы, “Жеңижок менен Эшмамбеттин айтышы”, “Токтогул менен Эшмамбеттин”, “Токтогул менен Калыктын”, “Арстанбек менен Жеңижоктун айтышы” ж.б.; Демек, бул мезгилдеги айтыштар бүгүнкү күнгө чейин өз актуалдуулугун жоготпой, мазмундук, формалык, поэтикалык жактан классикалык үлгүлөр катары жашап келет.

Экинчи бөлүмдүн «**Совет мезгилиндеги көркөм салттуулуктардын улантылышы жана жаңычылдыктын негизги белгилери”** деген экинчи параграфында совет мезгилидеги айтыштардын мамундук, формалык жактан жаңылануулары талдоого алынат.

Совет мезгилинде акындар эркиндикке жеткенин, чыгармачылык камкордукка ээ болгонун жар салышты. Мурункудай “жек-жаатка бөлүнүүчүлүк, бирин-бири боктоп, кордошуу өңдүү жаман жосундар калып, ырчылык өнөр элге арналып, театрлашып, акындардын чыгармалары жыйнак болуп чыгып, өзүлөрү олимпиадага, декадаларга катышып өнүгүүнүн нукура маданияттуу жолуно түшкөн... А түгүл Карамолдо, Атайлар нотаны, Калык, Осмонкул ж.б. жазганга үйрөнүп, айрымдары профессионал акындарды туурап жаңы стиль, формадагы кыска ырларды, поэма айтыштары жазууга багыт алышкан” [Обозканов, А. Төкмөлүктүн башаты, калыптануу этаптары жана синкерттүү табияты. – Бишкек, 2006. – 124-б].

Совет мезгилинин алгачкы жылдарында өткөрүлгөн союз кошчунун съезди (1923), Баку шаарында болгон тюркологиялык съезд (1926) сыяктуу жалпы элдик чогулуштар акындарга өзгөчө таасир берип, жаңы заманды жар салууга аттанышты. Мисалы, 1926-жылдагы Баку шаарында болгон тюркологиялык съезден кийинки таасирлер Осмонкул менен Калыктын айтышында мындайча сүрөттөлөт. Поезд, параход деген түшүнүктөрдүн кыргызда мурда жок экени, анын кандай унаа болгону, жүрүшү, көрүнүшү Калыкты кызыктырып:

“ Осмонкул поезд дегениң,
Желмаяндай төө бекен?
Ошончо киши көтөргөн,
Жомоктогу дөө бекен?,

Пойузуңду сүйрөткөн
Кадимкидей ат бекен?
Биз минип жүргөн аттардан,
Чуркаганы бат бекен? [Бөлөбалаев, О. Чыгармалар. – Фрунзе, 1964. –40-б] - деген көркөм элеске мол суроолорду берет. Анда Осмонкул поезддин тышкы көрүнүшүн “бир-бирине чиркелген бир нече боз тамга” салыштыра ырдаса, бирде “карагай менен каптап, көк калай менен чаптаган” айтып түгөнгүс жайга, ылдамдыгын “күйкө менен кулаалынын кууп жете албай калганы” менен салыштыра сүрөттөйт. Мындан биз акындардын жаңырган турмуштун жаңылыктарына бет алуусу, аларды таанып билүүгө өзгөчө кызыкдар экенин көрөбүз.

Ал мезгилде кыргыз театры менен филармониясынын түптөлүшү, кыргыз басмасынын жолго коюлушу өңдүү окуялар таланттуу ырчы, акындардын башын бириктирип, чыгармачылык чөйрөнүн калыптанышын шарттайт. Акындардын талант тартуулоосу системага түшүп, элдик клубдарда, жыйындар өтүүчү залдарда, театрларда өтө турган болду. Мындан улам мурдагы айтыштардагы эки акындын жеке кармашы, эки уруунун намысы же эки байдын намысы сыяктуу атак-даңктын тиреши алдыга чыкпастан биргелешип жалпы элдин көңүлүн ачуучу, турмуштун салтанатын, жетишкендиктерин, келечекти, үзүрлүү эмгекти чагылдырууга багыт алды. Б.а. социалисттик курулуштун ийгиликтерин даңазалоо, өлкөнүн өнүгүп-өсүшүнө чакырган агитациялык-чакырык мүнөзүндөгү саясий айтыштар жаралды. Буга Калык, Кенен, Үмөталынын 1923-жылы батрактардын тоюнда ырдашканын, Ак-чийдеги Союз кошчунун тоюндагы Осмонкул менен Калыктын жаңы заманды, бактылуу турмушту жакшы асырап алууга үндөгөн айтышы мисал болот.

Ал мезгилде жаңы замандын жаратуучусу Ленindин айткандары, анын жаңы заманга карай ураандары акындардын айтыштарында өзөктүү темага айланды. Акындар Осмонкул менен Алымкул Ленин күнүнүн урматына “Лениндин айтканы, унутулбас белги деп, кызматыңды эл билет, кылымдар эстеп унутпай” деп ар бир сөзүн унутулгус белги катары санаган элдин эсинде экенин ырга салат.

Совет мезгилинин алгачкы жылдарында акындар үчүн кароолор уюштурулуп, мурдагы күтүүсүздөн жолугуп, кайсы суроодон баштап, эмне менен жыйынтыктай турганы белгисиз айтыштын нугу бурулуп, белгиленген тема менен кезектешип ырдашуу мүнөзүнө айланган жаңы айтыштар ырдалып, бул өнөрдүн келечектүү пландары талкууланып турган. Минтип чыгармачылыкка болгон кам көрүү жолго коюла электе Улуу Ата Мекендик согуш башталып, советтик армия, анын майтарылбас күчү төкмө акындардын айтыштарында, ырларында башкы темагы айланды.

Согуштан кийинки жылдары акындарыбыздын айтыштары мазмун, тематикалык жактан кеңип, ошол учурдагы элдин турмуштук талаптары, баатырдык, эмгек күрөштөрү, өлкөдөгү өзгөрүштөр, чоң-чоң курулуштар жаңы образ, жаңы мазмун менен поэтизацияланды.

Совет мамлекетинин койгон пландары, алардын аткарылышы, ага карата колхоз, совхоздордун абройго ээ болушу же эскертүү алышы да

ырчылардын айтыштарында негизги темага айланып, эки акын эки совхоздун же колхоздун өкүлү катары жетишкендиктерин даңазалашып, экинчиси кемчиликтерин көрсөтүп ырдашып, район, колхоз совхоздордун тирешүүсү катары ырдалган. Ысмайыл менен Токтоналынын “Акын болсоң сүйлөгүн” деген ыры Токтоналынын:

“Айылың кең Чүй, Алчалуу,
Калкы кандай болду экен?
Планы кандай толду экен?
Тукумдар мол бекен?” – деген суроолуу ал-жай сурашуу менен башталат.

Ысмайыл: “Ленин жол – Ленин колхозу,
Ашыра бүтүп планды,
Орундатты тилегин.
Жасап айтты дебегин,
Жаздым эмес бу кебим.
Кара – Ой, Талды-Булактын,
Кабарын жакшы билемин,
Арпа буудай данынан,
Картөшкө менен жүгөрү,
Айдаган эгин баарынан,
Ушул айткан төрт колхоз
Убадасын актаган” [Шабданбаев, Т. Көргөнүм. – Фрунзе, 1958. –70 б.] – деп колхоздордун жетишкендиктерин ирети менен ырга кошуп, “Токо, сиздин айлыңыз, Бул катары барган жок. Андай түшүм алган жок” деп Токтоналынын Карл Маркс, Чоң-Далы айылдары тууралуу сөз козгойт. Айтыш ушул түрдөгү суроо жооп иретинде уланып, колхоздордун жетишкендиктери жогорку пафосто макталып ырдалса, жетишпеген жактарына сындар айтылып, аларды толуктоо жетиштирүү милдетин алып, элдин атынан ырдоо менен уланат.

Элге эркиндик, теңдик алып келди деп сыпатталган Совет мамлекетинин жыл өткөн сайын улам жаңырып, жаңылыктар менен коштолуп турушу, анын жети жылдыгына, Кыргызстандын 20 жылдыгына, 25 жылдыгына арналган тойлорунда акындар айтышып, жетишкендиктер калкка отчет иретинде айтылса, кемчиликтери келерки жылга наказ катары ырдалган.

Совет мезгилинде төкмө акындардагы дагы бир өзгөчөлүк арноо, куттуктоо айтыштарынын арбын жаралганынан көрүнөт. Акындар республикалык чоң-чоң жыйындарды куттуктап, жаңы-жаңы курулуштардын салынгандыгына арноо айтышса, Токтогул, Осмонкул, Тоголок Молдо сыяктуу акындардын юбилейлик даталарына карата куттуктоо айтыштарын ырдашты. Акындардын ырларында эмгек каармандары да айтыштардын башкы темасына айланып жатты.

Жаңы турмушту, өлкөнүн жетишкендиктерин жар салууга, кайсы чарба алдыга кеткени, кайсы колхоз планды ашыгы менен аткарганы, чарбага ким киреше алып келип, ким зыян келтирип жатканы тууралуу суроо-жооп иретиндеги жайынча ырдалган айтыштар кулач жайып, алым-

сабак формасы көп колодонулду. Айтыштар социалдык маани күтүп, талант дараметин, дүйнө түшүнүгүн, кругозорун сыноого багытталган табышмактатып ырдоо өз кызматын аткара албай калды. Мына ушундай эле тенденция кордоо айтыштарынын да жашоосун токтотту. Советтик идеологиянын таасиринен улам жеке керт башты, анын индивидуалдык кемчиликтерин сынга алган кордоо басаңдап, акырындык менен социалдык, моралдык кемчиликтерди сыноо жаралып, жөнөкөй-вульгардык аргументтердин ордуна жаңы социалдык, гуманисттик маанайдагы аргументтер кире баштады. Айтыштар совет мезгилиндеги “байчыл болбо”, “динчил болбо”, “эскини көксөбө, жаңы замандын жетишкендиктерин ырда” деген өндүү чектөөлөрдөн улам кордоо айтышы толугу менен баштапкы курч, өткүр маанисин басаңдатты.

Совет мезгилинде бир акын жараткан адам менен малдын, өлүү менен тирүүнүн, жалкоо менен эпкиндүүнүн айтыштары өндүү айтыштардын үлгүлөрү жаралды. Мисалы, кыз менен жигиттин айтышынын нугунда жазылган “Эпкиндүү келин менен жалкоо жигит”, “Бригадир менен жалкоо”, “Чабан менен дыйкан”, “Зоотехник менен агроном”, “Адвокат менен сопу”, “Кара кашка менен Осмон”, “Чыйырчык менен таранчы” ж.б. Бул түрдөгү чыгармалар айтыштын формасында жаралган, автору белгилүү чыгармалар деп атоого болот. Демек, тигил же бул турмуштук маселелерди көтөрүүдө айтыш жанрынын формасында чыгарма жаратуу өтө ийкемдүү ыкма катары бир топ чыгармалардын жаралышына негиз болгонун көрүүгө болот.

Жалпысынан алып караганда совет мезгили ырчы, акындарга өзгөчө мамиле кылып, филармония, театр, клубдарды уюштуруп, чыгармачылык чөйрөнү камсыз кылганы менен баардык күч аракет социалисттик идеологиянын чен-өлчөмдөрүнө ылайык жүргүзүлгөндүктөн өзгөчө атаандаштыкты, өнөр жарышты, чечендикти, сөз тапкычтыкты, курч сөздүүлүк, өткүр кордоо, табышмак өндүү сапаттарга ээ айтыш өнөрүнүн айрым түрлөрүнүн пассивдешип, а түгүл такыр аткарылбай, айтылбай калганын көрүүгө болот. Акындарыбыз жалаң төкмөлүк менен алектенип жүрүп албастан төкмөлүк менен жазмакерликтин салттарын айкалыштырып, өз ырларын жазып, китеп кылып жарыялап жатышты. Бул болсо ошол мезгилдеги ырчылардын жетишкендиги. Байыркы мезгилдерден бери салт катары сакталып келген кандай жагдай шарт болбосун комузун колуна алып, бет келген ырчы менен түрдүү тематикада айтышып сала берүү (импровизация) мүнөзү басаңдап, акындар ким-кимиси менен, кай жерде айтышары белгилүү болгон жагдайда, а түгүл кимиси баштап, кантип улантылары белгилүү болгон алдынала жасалмалуу айтыштар жаралды. Мындай жасалмалуулуктан улам айтышуу мурунку мүнөзүн таштап жөн гана форма катары кабыл алынып калган. Айтыштардын мазмуну ар түрдүү болгону менен ар бир айтыш салам айтуу, учурашуу менен башталып, негизги мазмун эмнени чагылдырбасын акырында элди ынтымакка үндөө, он беш союздук республикалардын ынтымагы, беш жылдык, жети жылдык пландарды аткаруу милдеттенмелерин алуу, мындай жыргал турмушка жеткирген Ленинге, өкмөт менен партияга рахмат айтуу сыяктуу трафареттүү башталуу жана аяктоого ээ болгон.

Көбүнчө айтыштар акын – артисттер тарабынан аткарылган. Филармонияга же театрга акын-артисттер атайын орундарга алынып, жуп-жубу менен иштешкен. Алар кайда барбасын, эмне жөнүндө ырдабасын ошол жубу менен ырдашкан.

**“Постсоветтик доордогу айтыштардагы традициялуулук жана жекелик маселелер”** деген экинчи бөлүмдүн үчүнчү главасында эгемендик жылдарындагы айтыштардын өнүгүүсү тууралуу талдоолор жүрөт. Эгемендиктин алгачкы жылдарында өлкөдөгү оор абалдан улам жаңы түзүлгөн эгемен элдин бийлиги экономикалык кризисти жоюунун убарасында болуп, кыргыз элинин байыртадан бери көөнөрбөс мурасы болуп келген төкмөлүк, манасчылык, комузчулук өңдүү өнөрлөрүнө көңүл бурулбай, өнүгүүсүн токтотуп койду десе да болот. Эл ичинде «ырчылык өнөр төрт акын менен (Эстебес, Ашыралы, Тууганбай, Замирбек) бүтөт» деген пикирлер жарала баштаган мезгилде төкмө, акын Абдылда Нуралиевдин өнөргө болгон дилгирлигинин аркасында Садык Шер Нияз менен биргеликте 2001-жылдын 15-февралында «Айтыш» аттуу жаш төкмө акындардын Республикалык коомдук фондусу уюштурулган [Алагушев, Б. Актандайлар. – Бишкек, 2003. – 3-б.]. Мына ушул фонд эл арасында ырга шыктуу, төкмөлүккө ык койгон жаш таланттардын башын бириктирип, он күндүк тажрыйба топтоо жыйындарына чогултуп турду. Ырга ык койгон жаштар Ашыралы, Тууганбай төкмөлөрдөн ырчылыктын сырларын үйрөнүп, сабак алып турушту. Ошентип, акындардын ырларында айтылган:

«Абалтадан бери эле,
Ачка да болуп, ток болуп,
Жүзүндө кайгы турса да,
Жүрөгү турган от болуп.
Кемисе кемип кеткендир,
Бирок,
Кетпеген төкмө жок болуп» (Шекербек Адылов) –деп сүрөттөлгөн төкмөлүк өнөрдүн учугу уланып, акындардын жаңы мууну жетилип чыкты. Фонддо тарбияланып, телчигип келе жаткан балдардын өнөрүн элге шардана кылуу үчүн бир катар республикалык, эл аралык деңгээлде айтыштар уюштурулуп турду. Мисалы, 1992-жылы төкмө акындардын теле сынагы; 1993-жылы «Актаңдайлар», 1994-жылы Барпы Алыкуловдун туулгандыгынын 110 жылдыгынын урматына Республикалык төкмө акындар айтышы, 1995-жылы «Манас» 1000 маарекесинин урматына Республикалык айтыш, 2000-жылы «Ош 3000» мааркесинин урматына Эл аралык айтыш, 2001-жылы эгемендүүлүктүн он жылдыгына карата Эл аралык айтыш, 2003-жылы Казыбек кызылчынын 100 жылдыгына арналган Республикалык айтыш, 2013-жылы Нооруздун урматына Республикалык төкмө акындар айтышы, 2014-жылы Токтогул Сатылгановдун 150 жылдыгынын урматына Эл аралык төкмө акындар айтышы ж.б.

Эгемендиктен кийинки айтыштарды элге жеткирүүдөгү бир өксүк, төкмө ырчылардын айтыштары кайсыл жерде ырдалса, ошол калыбында эл оозунда калып, айрымдары гана теле-радионун фондуна сакталып калбаса,

көпчүлүгү билим-илим өнүккөн XXI кылымда кагаз бетине түшүп, китеп болуп жарыяланбай калууда.

Мурдагы социалисттик эмгектин алдыңкыларын мактап, айыл-чарбадагы жана өндүрүштөгү жетишкендиктерди жар салып, коммунизмге барууга үндөгөн айтыштар кайрадан улуттук нарктуулукка бурулуп, канча кылымдан бери калыптанган салттуулуктардын учугун улоого багытталды. Буга эгемен элдин тил маселесин өнүктүрүү, сөз эркиндигин жайылтуу иш чаралары ачык себепчи болду.

Эгемендикти алган алгачкы жылдардан тарта акындардын айтыштарындагы башкы темалардын бири элдин эркиндиги, улут эгемендиги, кыргызды кыргыз кылган чыгаан инсандары, алардын өрнөк болор өмүр жолун даназалоого бурулду. Акындар Амантай Кутманалиев менен Табылды Актановдордун Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгындагы айтышында кыргыздарды "эркиндик сүйгөн, эзелтен баатыр эл" экени "тарыбай турган пейли, эчен-эчен кылымдар, жатса да душман тебелеп, ак жамгырдай себелеп акындар чыкканын" эсине салып, орозо менен бир келген, эгемендик майрамына куттук айтып, жалпы элге

"Унтпай жүрсүн деп ырдайм.
Эркиндик үчүн эл үчүн,
Эки эле карыш жер үчүн,
Кечеги бабалар төккөн кандарын" – деп Табылды Актанов эгемен эл үчүн жердин мааниси кандай экенин айтып кетет. Анда кезегин алган Амантай "азаттык деп кыргыздын, азапты көргөн ээзелки" тагдырынан сөз таштап "ушул азаттык эгемендигиң, аман болсун дешели" деп тилек кылат.

Байыртадан бери ырдалып салттуу болуп калган замана темасы азыркы акындардын айтыштарында да башкы темага айланды. XXI кылымдагы замандын абалын сүрөттөө Асылбек Маратов аттуу жаш акындын 2014-жылы Жумамүдүн Шералиевдин 100 жылдыгына арналган "Жаш таңдайлар" 2014 конкурсунун финалында Акжолтой Канат уулу менен айтышында өтө курч айтылат. Айтыштын жолу менен акын "карап турсак калкыбызда кандай заман?» деген суроо менен баштап, ага карата замандын абалын «каада салтты унутуп калган заман", "пара берсе чоң кызмат берет экен, папкелерди көтөргөн балбан заман" –деп учурдагы байыркы кааданы унутуп, пара берип, бийликке умтулган, ар бир бийликтин орду акчага сатылып, калктын камын жеген эл жакшыларынын жоктугун айтып, калктын кешиги бөксөрүп, "ак сакалдуу карылар арак ичип, акыл айтпас балдарга айбан заман" болгонуна өкүнүп, "элибизде ынтымак болсо экен, жергебизге ырыскы толсо экен" деген тилегин билдирет. Демек, бүгүнкү "цивилизациялуу коом" деген ураан менен жашап, батыштын маданиятын жакса-жакпаса да тууроодон тапкан пайдабызды, байыртан калыптанган каадаларыбыздын калбай бара жатышын акындар кайрадан чыгармачылыктагы "замана" деген жол менен ачык сүрөттөп берип олтурат.

Ушул багытта коомдогу терс окуяларга сын көз менен карап, кыргыз наркын, улуттук баалуктарын ырга салып санаттоо эгемендик мезгилиндеги айтыштардагы негизги багыты болду. Буга "Тууганбай менен Элмирбектин айтышы" ачык күбө. Айтышта кыргыздын нарк-насилине туура келбеген

жүрүш-туруш "ошолор келди каяктан, орустан калган арактан, басып келди калганы, баарысы Батыш тараптан" – деп жаман жосундун баарын арак менен Батыштын саясаты катары сүрөттөлөт. Айтыштарда коомдук терс көрүнүштөрдүн бети ачылып, сынчыл мүнөз күтөт.

Бул жылдардагы айтыштардын дагы бир өзгөчөлүгү акындардын жеке жашоосун, бийликтин, өкүмөттүн акындарга мамилесин ырдоо менен жалпы элдик абалды чагылдырып берүүгө аракеттер жасалат. М: «Айтыш» телесынактарынын биринде Майра Керим кызы:

"Туз салбаса тамактын даамы жок гой
Таптабаса күлүктүн табы жок гой
Осундай жас таланты көтөрбөгөн
Отурган үлкөндөрдүн баамы жок гой
Ардактуу Назарматов министрим
Алиги Амантайдын тамы жок гой» [Алагушев, Б. Актандайлар. - Бишкек, 2003. – 95- б.] - деп министирге сөз салып, акындарга карата бийликтин мамилесин сынга алат. Демек, эгемендик мезгилиндеги айтыштар идеялык-тематикалык жактан эгемен элдин эркин жашоосуна куттук айтып, өз алдынчалыгыбыздын колго тийгенин кубаттоо менен катар турмуштун көйгөйлөрүн, кыргыз насилине туура келбеген жүрүш-туруш окуяларды сын сөз менен ачык сүрөттөө, бийликтин аткарган ишин оңун оң, тетирисин жаман деп ачык айтып чыныгы демократиялуу сынчыл мүнөзүндө болду. Ошол эле учурда ашыктык, табият, турмуштагы жакшы саамалыктар да ырдалып жатты. Демек, тематикалык жактан айтыштар турмуштун баардык жагдайларын сүрөттөөгө алып, идеялык жактан элдин турмушун чагылдыруу багытында болду.

Айтыш өнөрүндөгү негизги ыкмалардын бири болгон алым сабак түрүндө ырдашуу эгемен элдин акындарынын көбүндө кездешет. Мисалы,

Мырзалы: Кыйла түрлүү өнөрү,
Кыйын экен орусуң .
Амантай: Эмнеден улам ал элди
Эске салып коюшуң
Мырзалы: Контрабасты көргөндө
Каңгырайт сенин комузуң
Амантай: Көлөмүндө эмес деген
Анын көөнөрбөс, өчпөс жолу узун [Алагушев, Б. Актандайлар. - Бишкек, 2003. – 213- б.]. Мисалда алым сабактын тартиби менен мурунку ойду жыйынтыктоо, жаңылоо Амантайдын жоопторунда байкалат. Жуп саптан ырдашып, кийинкиси ойду толуктоого багытталган түр тамашалашуу маанисинде Жеңишбек менен Жылдызбектин айтышынан көрүнөт.

Жеңишбек: -Айлына келдим Жылдыздын,
Ардактап мага кой соёт.
Жылдызбек: -Кеткен го күчүң Жеңишбек,
Келер замат сорполоп.
Жеңишбек: -Белгилүү достун кыялы,
Кой сойсо да чоң соёт.
Жылдызбек: -Күптү болуп көп эт жеп,

Кала көрбө онтолоп» - деп тамашалаша алым сабак ырдашып, эл көңүлүн көтөрөт. Көрүнүп тургандай ырчылардын кимиси кандай тамаша менен баштаса, экинчиси аны айныбай туурап түр, мазмун, ыкма жолдоруна чейин экинчиси улантып жүрүп отурат. Мында мөрөй талашуу же кордоо, табышмактатуу кадыресе жок. Жөн гана акындар бири-биринин оюн улап, тамаша ырдын үлгүсүндө жайынча ырдашышат. Экинчиден, мындай ырдашуу аркылуу акындар бири-биринин ырдоо ыкмаларынан үйрөнүшөт. Мына ушундай өнөр сыноо Тууганбай менен Аалынын алым сабагында өзгөчө көрүнөт. Устат акын Тууганбай: алгач шакиртин алты сап менен ырдоого чакырат, андан соң шакиртинин алты сап менен ырдагын жообун угуп, Андан ары төрт саптан ырдашууга өтүп, устат ырчы байыркынын салты менен эки саптан ырдашууга өтөт:

Тууганбай: "Поюздун эки оо жолу бар,
Адамдын эки оо колу бар.
Аалы: Минус- плюс ээ эки сан,
Электрдин ээ тогу бар.
Тууганбай: Баардык эле оо дүйнөнүн,
Бары менен оо жогу бар.
Аалы: Ургаачыны ээ эркекти,
Ушуну да ээ оюңа ал" – деп турмуштагы баардык жуптарды санап, айрымдарын "коркок жана оо баатыр бар, мусулман жана оо капыр бар, байы жана ээ бакыр бар, беттүү жана ээ бетсиз бар" – деп бирин-экинчисине контраст коюп сүрөттөп жүрүп олтурат. Андан ары алым сабак бир саптан уланат:

Тууганбай: "Асмандагы ээ күн жалгыз.
Аалы: Аллаң өзү ээ бир жалгыз.
Тууганбай: Андан кийин ээ ким жалгыз?
Аалы: Айсыз кара оо түн жалгыз.

Текстте көрүнүп тургандай, бир саптан алым сабак ырдашууда бир эле ой, бир эле мазмун бирок аны эки акындын бир саптан турган алым сабагы менен берүү ыкмасында айтылат. Ойду берүү бир саптан болсо дагы негизги ой улам жаңырып, күчөтүлүп, улам жаңы маани менен толукталып турганы көрүнөт. Андан ары айтыш бир сапты экиге бөлүп айтуу ыкмасында уланат:

Тууганбай: "Эки тери ээ,
Аалы: Тон болбойт.
Тууганбай: Эки тыйын ээ
Аалы: Сом болбойт.
Тууганбай: Кагазы жок ээ
Аалы: Кат болбойт.
Тууганбай: Кашаң киши ээ
Аалы: Жизнь бат болбойт.
Тууганбай: Аферистте ээ
Аалы: Ар болбойт.
Тууганбай: Африкада оо
Аалы: Кар болбойт" [Өздүк архив] – деп, өзгөчө чеберчиликти талап кылган бир сапты бөлүп ырдашууда да акындардын

негизги оюу улам тереңдеп, турмуштук жаңы мазмун менен толукталып жатат. Салттуу формасында алым сабак жуп саптардын улам кезектешип айтышышы менен берилсе учурда ал бир саптан, айрым учурда бир сапты экиге бөлүп айтышуу сыяктуу өнүктүрүлгөн формасында да ырдалууда.

Азыркы айтыштарда "Талым кыз менен Көбөктүн", "Чоңду менен Арстанбектин" же "Кет Буканын" суроолуу, табышмактуу айтыштарындай башынан аягына чейин табышмактатып айтылган айтыштар кездешпесе дагы ырдын ыгына жараша табышмак катып, түрдүү темаларда суроо коюп ырдаган айтыштар жаралды.

Сапар: " Асманды карай өсүлүп,
Бүлөп өскөн дарак бар.
Пычыратып чечинип,
Сырт кабыгын өзүнөн,
Чечип өскөн дарак бар
Кана кыйын болсоң чечип ал
Ошол кайсыл дарак ал"-деп табышмагын катат.

Анда Аалы: "Дайындап келген сурооң
Сенин жамагыңан бөлөкбү
Кагылайын Талым кыз
Бүгүн сынайын дедиң Көбөктү
Талым кыз билген баягы
Табышмагын жөнөттү"- деп тамашага салып:
"Асманды тиреп түз өсүп
Терисин сыртка түлөтүп
Ал өзү Барскоондо өскөн карагай"- деген жообун берет.

[Өздүк архив]" – деген жообун берет. Азыркы айтыштарда салттуу белгилерин сактаган табышмак формасындагы айтыштар аткарылып жүргөнү ачык байкалат.

Азыркы мезгилдеги айтыштарда мурдагы ачуу кордоо, жеке адамдык сапаттарга, кемчиликтерге, ата-тегине асылуу мүнөзүндөгү айтыштар дээрлик жокко эсе. Бирок, акындардын беттешинде юморго бай айтылган саптар арбын. Жеңижоктун 140 жылдыгына арналган айтышта казактан келген Айтакындын көрүнүшүнө Элмирбектин жооп беришинен ачык көрүнөт. "Мен казактан бакер келди дейсиңби" деген кыязда домбурасын эргип чертип, эки ийинин кыймылдатып, бир бутун бир бутуна арта салып, домбурасынын күүсү күчөгөн сайын, добушу да бийиктеп, кээде көзүн сүзүп, кээде чалкалай түшүп, кайта эки ийинин кагып жиберип, чапаны үстүнөн түшүп кеткенине карабай, домбурасынын ыргагы менен бийлеп жаткандай, каршылаш акынын качыра ырдаган казак акынына

Элмирбек: Короо толо көмүргө,
Күйүп жаткан кишидей.
Керегенин баарысын,
Түрүп түшкөн кишидей,
Токтолбойсуң силкилдеп,
Токсон шайтан мойнуңа,

Минип түшкөн кишидей [Алагушев, Б. Актандайлар. - Бишкек, 2003. – 237- б.]– деп өзгөчө мурч тилдүү, куйкум сөзү менен сынга алган ырынан кийин өнөктөшү бир далай жоошуп, ак сөзгө баш ийип берген экен. Мына ушул сыяктуу өзгөчө курч мүнөздө айтылган Аалынын, Амантайдын, Азаматтын айтыштарын кошууга болот.

Азыркы айтыштарда байыртан салт болуп калган саламдашуу айтышы акындардын көбүнүн чыгармачылыгында кездешип, жагдайына жараша ар учурда ырдала берет.

Мурунку акындар устатын ээрчип, айлап-жылдап, алар менен бирге жашап, бирге жүрүп турмуштан сабак алып, эдин жашоосун өз көзү менен көрүп, устаттын кеп-кеңеши менен тапталса, бүгүнкү акындар ар тараптуу билимдерге ээ болгон окумалдуулугу менен айырмаланат. Мындан улам акындар жазмакерлик менен төкмөлүктүн салттарын айкалыштырып, айрымдары (Замирбек, Жеңишбек, Амантай, Шекербек, Элмирбек ж.б.) ыр китептерин, термелерин элге тартуулап жүргөндөрү да бар. Ал тургай айрымдары актерлук кесипти аркалап, акындардагы чыгармачылык синкреттүүлүк өтө татаалдашып, көп катмарлуу мүнөз күткөнү көрүнөт. Мындай синкреттүү чыгармачылыкка жетүүдөгү акындык ынтаа, чыгармачылыкка алгачкы даярдык мектеп курагында эле тарбиялана баштаган. Таалим алуу, өнөр үйрөнүү иши жазуу ишинин жакшы жолго коюла элек мезгилде жалаң оозеки абалында көргөн билдендерин, уккандарын дароо угуп жаттап калуучу үйрөнүүчүнүн кабыл алуу жөндөмүнө, эстин сыйымдуулугуна байланыштуу болсо, бүгүнкү заманда өнөр үйрөнүүнүн теле, радио, интернет, телефон, диктофон, магнитафон, китеп өңдүү миң түрлүү булактары менен толукталып жатат.

Эгемендик мезгилинде айтыштардын жүрүшү акындардын кагаз кармап, жуп тандашы аркылуу аткарылган. Анда белгилүү бир тема берилип, акындар кагаз кармоо менен багына туш болгон акыны менен айтыша турган. Мындай акындардын жупташуусу айтыштын байыртадан бери келген импрвизациялык салтындагы күтүүсүз бет келишүү, атаандашы менен кокусунан таймашка чыгуусун камсыз кылган даярдыксыз абалын камсыз кылуунун бир белгиси. Бирок, акындарда айтыша турган тема белгилүү. Бул болсо алардын алдынала даярдык көрүүсүнө негиз болот. Төкмөлүктөгү дагы бир өзгөчөлүк акындардын айтышы убакыт менен чектелүүсү. Азыркы айтыштар бир канча айлампада сыналып, калыстар тобунун баа коюу ыкмасы менен бааланган. Мындан улам ар бир акын калыстардын көтөргөн баллдарынын негизинде жыйынтык чыгарылып, байгелүүлөрү аныкталган.

Айтыштын аткарылышы, орундалышы, бааланышындагы мындай жаңылануулар болсо дагы, канча кылымдан бери жандуу кубулуш катары сакталып келе жаткан салтуулуктар азыркы айтыштарда дагы сакталганын көрүүгө болот. Ал импровизациялап ырдоо салтынан, акындардын үйрөнүү, үйрөтүү салтынан, чыгармаларындагы тематикалык салттуулуктардан, поэтикалык салттуулуктан көрүнөт. Демек, айтыш өнөрү эгемендик жылдарында канча кылымдардан бери сакталып келген салтуулуктарды

сактап, айрым өзгөрүүлөрү менен биздин күнгө жеткен көркөм өнөр экенин көрөбүз.

**Диссертациянын үчүнчү бөлүмү: "Айтыш жанрынын поэтикасы" деп аталып** эки параграфка бөлүнгөн. Биринчи параграф "**Айтыштагы салттуу мотивдер жана акындык ойду берүүнүн ыкмалары"** деп аталат.

Көркөм чыгармадагы автордун берейин деген негизги оюн (теманы) толуктап, кошумчалаган **мотив** айтыштарда түрдүү ыкмада колдонулат. Өнөр таймашы аталган айтыш өнөрүнүн эң башкы өзгөчөлүгү акындарды сөзүнөн кармап, жүйөгө жыгуу. Курандагы мааниси терең, көркөмдүгү жагынан жогорку деңгээлде турган окуялар канча мезгил өтпөсүн айтыштардагы жүйөгө жыгуунун ачкычы катары кызмат кылып, чыгарманын көркөмдүк жагынан жасалгалоочу милдет аткарып турат. Буга өзгөчө диний билими бар акындар көп кайрылышып, ал салттуу мотив катары көпчүлүк акындардын айтыштарында традициялуу мүнөз күткөн. Мисалы, Жеңижок менен Барпынын Ташкулбийдин тоюндагы айтышында:

Жеңижок: "Адамзатты жаза деп,
Айтыптыр ким буйругун.
Адамдын насил заты ким?
Периштелер аты ким?
Адам Ата, Обо Эне,
Неге айдалды бейиштен.
Ушулардын баарына,
Шайтан кантип жетишкен [Залкар акындар: Жеңижок. – Бишкек, 1999. - 280- б.]" – деп узун сабак динден собол салып ырдайт, анда Барпы окумал адам эмес экенин айтып, айтышпай жеңилгенин билдирет. Мындай **диний мотивдер** айтыш өнөрүндө эки максатта колдонулганын көрөбүз Биринчиден, өнөктөшүнө диний айтымдардан суроо салып, табышмак жашыруу же өнөрлөшүнүн берген суроолоруна так жана жүйөлүү жооп берүү үчүн колдонулса, экинчиден, акындардын берейин деген оюн андан ары тереңдетип, жеткиликтүүлүгүн, образдуулугун артыруу максаты коюлат.

Акындардын айтыштарында байыркы мезгилден бүгүнкү күнгө чейин эл турмушун, жашоо абалын чагылдырган **коомдук-саясий жана социалдык мотивдер өзгөчө ыкмада** ырдалат. Анда үй-бүлө маселеси коомдогу аялзаты менен эркектин орду элдик нраванын чегинде ырдалганын көрөбүз. Мисалы Жеңижок Ырыскүл менен айтышында :

Жеңижок: "Эркек менен аялды,
Жуптуу кылып жараткан.
Тартип нуска албаса,
Аял чыгып кетет адаттан.
Эркектен аял кеми бар,
Канча мыкты болсо да,
Аялдардын жолу тар." [Залкар акындар: Жеңижок. – Бишкек, 1999. - 242-б.] – деп каршысын кордоого алганда, Ырыскүл "Сени Анжиянга кууган

да, Сени да аял тууган да" - деп кордоосуна кордоо менен жооп кайтарып, аялзатынын коомдогу ордун ачыктап ырдайт.

Үй-бүлөлүк мамилелерден башталган социалдык сүрөттөөлөр акындардын айтыштарында мамлекеттик деңгээлге чейин өсүп, эл достугу да негизги сүрөттөөлөрдүн бирине айланганын көрөбүз. Казак-кыргызда бирдей өнүккөн айтыш өнөрүндө эл достугу Токтогул менен Жамбылдын чыгармачылык байланышында ачык көрүнөт. Совет мезгилинде кыргыз менен казактын жакындыгы, бир тууганлык, достук мамилелери учурдун талабына жараша акындардын (Токтоналы Шабданбаев менен Ысмайыл Борончиевдин "Саламдашуу") учурашуу ырларында ырдалып, он беш союз элдин мыктысы катары сыпатталып:

"Казак, кыргыз бир тууган,
Каны бирге элденбиз.
Кадырлашып, сыйлашып,
Катар өсүп келгенбиз" – деп эскерилсе, эгемендик жылдарында эл достугу темасы кыргыз-казак айтыштарында кенен берилет.

Аалы:"Сол карегим казагым,
Оң карегим кыргызым.
Кыбыланы беттеген,
Динибиз дагы бир элбиз.
Ортомчу жок сүйлөшкөн,
Тилибиз дагы бир элбиз" (Өздүк архив) – деп сүрөттсө Элмирбек казак акыны Балгынбек менен айтышында казак менен кыргыздын бир туугандыгын, достугун:

"Мен тоо болсом сен талаа.
Мен бишкек болсом сен сабаа.
Мен тегирмен сен пара,
Мен табакмын сен чара.
Мен ат болсом сен чана
Мен ата болсом сен бала
Сага оор болсо мен жүрдүм,
Мага оор болсо сен гана?
Бирок, өзүмө-өзүм ишеним,
Өүңдү-өзүң сен тая" (Өздүк архив) – деп өзгөчө салыштыруулар менен таамай сүрөттөөгө алып, тарыхтагы бири-бирине жардам кылган жакындыгы кийинки учурда солгундап, кыргыздарды "кара булут каптаганда" чек арасын жаап алган кылыгын эки сапка сыйдырып саясаттан сөз кылат. Демек, эл достугу кайсы мезгил, доор болбосун акындардын ырларына мезгил талабына шайкеш өзгөрүүгө учураганы менен салттуу мотив, сүрөттөө катары уланып келгенин көрөбүз.

Акындардын айтыштарында акыл-насаат айтып, таалим-тарбия берүү максатында ырдалган **дидактикалык мотив** күчтүү. Акындардын дидактикалык темада ырдалган насыят, үлгү, нуска ырларынан сырткары ар бир айтыштарында адеп-ахлак, жүрүм-турум, турмуштагы сүйүү жана жек көрүү, адилеттик жана арамзалык, жаман жакшы, ак-кара жөнүндө айтылган акыл-насаат ойлор өзгөчө шакирт тарбиялоодо негизги ыкма катары

ырдалган. Бул салттуу мотив эгемендик жылдарындагы айтыштарга чейин уланып, акындардын айтыштарында дидактикалык ойлор катылган. Тууганбай ырчы Элмирбекти алгач жолуктурганда аталык акыл-насаат сөзүн айтып, “Жакшыңды айтам, жакшы деп, Жаштык кылып көппөгүн”, “Катаңды айтам ката деп, Көңүлгө алып чөкпөгүн” –деп мыкты акын болууга насаатын айтса, Амантай Кутманалиев Шекербек Адылов менен алгач жолугушуусунда насаат сөзүн мындайча айтат:

“Жакшы сөз жанга жагымдуу,
Жаш кезде болбо тоң моюн.
Тапандык кылсаң мага окшоп,
Жакшы көрбөйт чоңдоруң.
Эми айтайын эмнесин,
Эмгектен чекең тердесин.
Эрезеге жеткирген,
Эзелки устаттарыңын,
Эсиңе ал санат, термесин” [Кутманалиев, А. Саргашканын санаты. – Бишкек, 2000. - 121-б.]. Мына ушул сыяктуу таалим-тарбиялык мазмундагы акындардын саптарын дагы санай берүүгө болор эле.

Айтыштарда өнөрлөшү тууралуу маалымат берип, тааныштыруу же өнөктөшүнүн кайдан келгенин тек-жайын сурап ырдоо ыкмасы таралган. Бул айтыштардагы **автобиографиялык мотивдин** күчтүү өнүктүрүлгөнүнөн кабар берет. Акындардын өз турмушун баяндоосунда эки максат көрүнөт. Биринчи, өнөрлөшүнүн мыкты экенин белгилеп ага сес көрсөтүү, же тескерисинче чыгармачылыкка жаңыдан ык коюп ырчылыгы төшөлө элек экенин айтуу менен өнөр үйрөнүү тилеги бар экенин билдирет

Айтыштын өнөр сыноо, жарышуу, мөрөй талашуучулук мүнөзүнө ылайык бир топ **салттуу ыкмаларды** көрөбүз. Ал алгач аудитория менен саламдашып, эл көңүлүн өзүнө буруудан, андан соң кандай акындар менен айтышып, канчасын жеңип, кандай урмат-сый, атакка ээ болгонун айтып, өнөктөшүнө сес көрсөтүүдөн, өзүн мактоо менен өнөктөшүнөн өйдө турарын көрсөтүүдөн, анан өнөктөшүнүн тек-жайын сурап таанышуудан туруп, суроо-жообун айтып же кайсы бир турмуштук маселеден собол салып, өнөктөшүнүн талантын сыноодон көрүнөт.

Акындардын айтыштары композициялык курамы жагынан өтө ар түрдүү келет. Өзгөчө **автордук ойду берүүнүн түрдүү ыкмалары**, элдик уламыштарды, икаяларды, макал-ылакаптарды чыгарманын мазмунуна ылайык колдонуу, автордук баяндоолорду кошуу, лирикалык каармандын ой толгоолорун чагылдыруу, портрет түзүү, баяндоо, сүрөттөө кеңири колдонулат. Айтылуу “Сүйүнбай менен Арстанбектин айтышында” Арстанбекти сөзгө жыгуу максатында кыргыздын келип чыгышы тууралуу “Кырк кыз” уламышын ырга салышын айтууга болот.

Айтыштар **сүрөткерлик чеберчиликти** өзгөчө сыноочу түр. Айтыштардын максатына, айтылуу ыгына жараша ошондой эле чыгарманын көркөмдүк бир бүтүндүүлүгүн камсыз кылуу үчүн акындар түрдүү ыкмадагы **баяндоолорду, сүрөттөөлөрдү же сыпаттоолорду** пайдаланышат. Мисалы, алда качан өтүп кеткен же азыркы учурда жүрүп жаткан турмуштук окуялар,

автордун өз башынан өткөн тагдырлары акын тарабынан ыгына жараша баяндалат. Мисалы, ошол эле Сүйүмбай менен Арстанбектин айтышында Арстанбек “Кылычын канга кандаган, Кушчуларды жайлаган” Кененсары, Ноорузбайдын, “арбакка да кол салган” Эшкожо менен Канайдын бейкапар жаткан кыргыздын “шейит кылып балдарын” “жесир кылып алганын” бүлүк салганын, “Сарбагыш, солто чогулуп, Жантай, Байтик оолугуп, Ормон колду баштап, Опсуз көпкөн Кенендин, Башын кесип таштаганын” сүрөттөп ырдайт. Мында байыркы өткөн кыргыз менен казактын келишпеген чыр чатагы Арстанбек тарабынан көркөм баяндалып, алда качан өтүп кеткен тарыхый окуя акын жашаган доордо мезгилдик жактан айырма болгонуна карабастан көркөм сүрөттөлөт. Баяндоонун дагы бир ыкмасы Ж.Токтобековдун казак акыны А.Калиев менен айтышында колдонулат:

“Эгер Током тирүү болгондо,
Ушул турган элди айтмак.
Сатылып жаткан жерди айтмак.
Казылып жаткан кенди айтмак.
Чачылып жаткан элди айтмак.
Акыйкаттуу кепти айтмак.
А түгүл килем салып узаган,
Авторитеттүү зекти айтмак.
Делөөрүп башы айланган
Денесин саткан кызды айтмак.
Топту жарган чууну айтмак,
Тонналап кеткен табылбай,
Токтогулда сууну айтмак. (Өздүк архив) – деп эгемендик мезгилиндеги элдин абалынын күңгөйү менен тескейин чеберчилик менен өзгөчө сүрөттөөгө жетишкен. Ушул эле ыңгайда айтыштарда **сүрөттөө же сыпаттоо** дагы түрдүү ыкмада көркөм каражат катары ырдалат.

Экинчи параграф “**Айтыштагы көркөмдүк өзгөчөлүктөр” деп аталат.** Акындык чеберчилик биринчи кезекте көркөм сөздү ыктуу, чебер пайдалана алуу мүмкүнчүлүгүнөн көрүнөт. «Анткени, көркөмдүүлүк фактынын да, аргументтин да ролун аткарып, айтыштын көркөмдүк, маанилик сапатын көтөрөт. Башкача айтканда, угуучулар акындардын ырын андагы аргументтер үчүн да, жогорку көркөмдүгү үчүн да баалашат. Айтыштын көркөмдүүлүгү биринчиден, айтышып жаткан акындын чеберчилик деңгээли, мүмкүнчүлүгү жөнүндө кабарлап, белгилүү деңгээлде угуучуларга эмоционалдык-эстетикалык таасир берип турат» [Ирисов, П. Кыргыз айтыштарынын жанрдык өзгөчөлүктөрү: филол.ил.канд. ... дисс. – Фрунзе, 1971. – 199-б.]. Бул тилдин байлыгын түзгөн синоним, омоним, антоним сөз тизмектери, каймана көркөмдүк маанидеги троптор, параллелизм сыяктуу көркөм каражаттар аркылуу ишке ашат.

Айтыштарда салыштыруу тоодой, суудай, көлдөй деген өңдүү жөнөкөй түрлөрүнөн тартып, образ, белги, предметтин биргелеше берилишин аныктаган толук түрүндө, бир мезгилди экинчисине карама каршы коюп салыштырган антитезалык ыкмада да айтылат. Айтыштардын жанрдык өзгөчөлүгүнө ылайык акындардын өзүн тааныштыруу өнөктөшүн

сестендирүү максатында өзгөчө салыштыруулар колдонулат. Мисалы, “Эсенаман менен Жеңижоктун айтышында” Эсенамандын “Сырты болом суусардын, Дарчысы болом ордонун”, “Даараты болом молдонун”, “Угуту болом бозонун”, “Чигити болом гозонун” -деп өзүн ала чаап макташы бар. Бул акындын оюнда өнөктөшүнө сес көрсөтүү максатында ырдалганы менен өнөрлөшүнө мыкты илинчек болуп берип, ар бир салыштыруусун ыгына жараша антитезалык ыкмада чечмелейт.

Айтышта сүрөттөп жаткан кубулуштун, нерсенин, окуянын автордун көз карашы боюнча эң негизги сырткы жана ички бөтөнчөлүгүнүн белгисин, касиетин аныктоочу эпитеттер, эки же андан ашык предметти, көрүнүштү катар коюу менен мазмунду ачып берүүгө багытталган параллелизмдер да айтыштардын көркөмдүгүн арттырып, угумдуулугун күчөтүү үчүн түрдүү ыкмада колдонулат. Себеби айтыштын көркөмдүк сапаты салыштыруу, эпитет, параллелизм өндүү көркөм каражаттардын ыктуу колдонулушунан көз каранды.

Жанрдык жана стилдик жагынан ар бир ырчы же акындын чыгармачылыгы **элдик чыгармачылыктын бай арсеналына** таянат. Ал акын жашаган доордун мүнөзүнө, замандын абалына жараша жаңырып туруучу дүйнө тааным, жаңы түшүнүк, жаңы баалуулуктар менен коштолот. Мындан улам салттуулук менен жаңычылдыктын органикалык түрдө жуурулушуп, жаңы түстөгү образдарды, сүрөттөөлөрдү түзүүгө жардам берет. Акындар айтыштарында элдик поэзиядагы **поэтикалык формулаларды** пайдаланып, ошону менен катар жаңы формулаларды жаратууга аракеттер күч экенин көрөбүз. Акындардын айтыштарында элдик оозеки чыгармачылыкта салт катары кезиккен «Бул дүнүйө жалганда, Өлбөй тирүү ким калар» - деген өлүм, өмүр тууралуу философиялык салттуу формула (бул «Манаста» да кездешет) акындардын айтыштарында ушул калыбында да, өнүктүрүлгөн жаңычылдыктары менен да колдонулганын көрөбүз.

1-вариант: «Бул дүнүйө жалганда,
Ажалдан күчтүү балбан жок.
-------------------------------------
Ажалдан кимдер кутулган
Амалсыз баары тутулган»

Арстанбек бул саптарында ажалдан балбан жоктугун айтып, баардык адамдар анын курманы экенин белгилеп, өмүр бар жерде өлүмдүн бар экенин эскерткен философиялык ойду берет. Э.Иманалиев А.Болгонбаев менен айтышында байыртадан келаткан салттуу сүрөттөөнү акындык чеберчилик менен жаңыча вариациялап, өлүмдүн, ажалдын ырайымсыздыгын сүрөттөө менен табияттын мыйзамына баш ийүү, жазмыш, өксүк боло берерин, ал табияттын мыйзам ченемдүү талабы экенин моюнга алуу менен ырга салат.

2-вариант: Аалымга кеткен атагы,
Алптардын арбын катары.
Ажалга келип токтогон

Алардын дагы сапары (Элмирбек менен Азаматтын айтышы. Өздүк архив).

Айтыштарда сөз формулалар да арбын. Мисалы: акындардагы «аргымак», «булбул», «күкүк», «торгой», «ак таңдай» жана башка сөз формулалар амуунуна чейин колдонулганы көрүнөт.

Коргоол: Токтогулдан кийинки,
Торгойлордун бири элем.
Бүркүттүн жогдор жүнү элем,
Булбулдун таңшык үнү элем

Тууганбай: Силер Совет түркүгү,
Мен советтин күкүгү.
Силер Совет чынары.
Мен советтин улары

Токтосун: Чалгынысың шумкардын.
Туягысың тулпардын.

Азамат: Азамат кыргыз тайлары,
А жеңебиз казак жоргосу.

Жогорудагы мисалдардан көрүнүп тургандай акындар салттуу каражаттарды өздөштүрүү менен кандайдыр бир жекелик, өз алдынчалык киргизүүгө аракеттери байкалат.

Айтыштардагы **кыйытма ой (подтекст**), акындык ойду берүүнүн негизги ыкмасы катары өтө жыш колдонулат. Мисалы, казак-кыргыз алакасынын солгундап, эгемендик алгандан кийин ортого чек ара коюлуп, алыш-бериш абалдын азайганын, мурдагы нарк бузулуп, пейил тарыганын Элмирбек акын казык акыны Балгынбек менен айтшында:

“Жакшы коңшу деген бар.
Алынча казан асышат.
Ар жактан тууган, коңшусун,
Кел бери деп чакырат.
Жаман коңшу деген бар,
Дасторкон турат титиреп,
Бирок, бекинип ичтен битиреп” – деген саптарында кыйытып айтат.

Айрым айтыштарда бир эле кезек алып ырдашында акындардын бир канча маселени көтөрүп, айрымдарын ачык айтса, айрымдарын кыйытып, сөдүн күчү менен коомдук ойду так чагылдырат. Токтогулдун 150 жылдык мааракесинде Казак акын Айбек Калиев менен финалдык беттеште ырдаган Элмирбек Иманалиев: Токтогулдун кадырын сыйлап келбеген кыргыз чоңдордун кылган ишин:

“Эгер дагы бул жерде,
Токомдун ушул ордунда.
Партократ болгондо,
Пайдасына келишмек.
Президент, премьерлердин,
Туугандары болгондо,
Айласына келишмек.
Алардын бири көрүнбөйт.

Кабыргаң кантип сөгүлбөйт" – деп ачык айтып,
"Жамандар элди бийлесе,
Жабыгып ичиң күйбөйбү.
Беш каман болсо бир кезде,
Пейили жаман бул кезде,
Беш короо каман жүрбөйбү" – деп эл башкаруучулардын адаттан тыш көп экенин мурунку менен азыркыны салыштыра сүрөттөйт.

Айтыштар так строфалык бөлүнүшкө ээ эмес. Строфанын өлчөмү сөз маанисине, берилген ойдун бүтүшүнө жана айтыштын түрүнө жараша аныкталат. Көп учурда ыр строфалары эки, үч, төрт ыр саптарынан турса, кээде он, андан да ашык ыр саптарынан куралат.

Айтыштарда уйкашуунун (шыдыр, жуп, аттама, оромо, аксак уйкаш, анафора-эпифоралык уйкаш, редифтүү уйкаш) баардык түрү активдүү колдонулганын көрөбүз .

Мисалы, сап аягынан:

Тозбостон тогуз миң жыл **ашкан жолду**.
Жараткандын жазмышын бийик көрүп,
Жаратылыш сырларын **ачкан жолду.**
Тегин сактап жаңысын жалгап турган,
Теңдигинде Теңирдин **жаткан жолду**.

Сап башынан: Кыргызым кыргыз, кыргыз деп,
**Канын сүйгөн** ээй казагым.
Кыштоосу бирге ээй келишсе,
**Малын бир сүйгөн** ээй казагым.
Ар качантан да кыргыздын,
**Жанын бир сүйгөн** казагым.
Бегимайдай кыздары,
Раймалыга окшогон **чалын сүйгөн** казагым. (Сара менен Элмирбектин айтышы). Биринчи мисалда "ашкан", "ачкан", "жаткан", "ыйык дешкен" сөздөр "жол" деген сөзгө жалгашса, экинчи мисалда «канын сүйгөн», «жанын сүйгөн», «малын сүйгөн» сөздөрү ыр жолдорунун баш жагынан эле уйкашып, кийинки «казагым» деген сөз редиф катары аяккы уйкаштыкты жөнгө салып, ырдын угумдуулугун күчөтүп турат.

Айтыштарда айрым үлгү, насыят иретинде айтылган саптар жыйынтыктуу ойго бай. Андай саптарда элдик тажрыйбанын, акылмандыктын, аңдап-байкоонун келкиси көрүнөт. Тигил же бул салттарды күчөтүп сыпаттоо үчүн риторикалык суроолор жолугат. Насаат, санат саптарында окшоштук боюнча же контрасттык ыкмада салыштыруу өтө жыш учурап, анда ошол эле белгилүү мотивдер жыйынтыкталган формада, дидактикалык резюме түрүндө берилет.

Диссертациянын **"Корутунду"** бөлүмүндө изилдөөдөн келип чыккан негизги жыйынтыктар берилди.

Дүйнө элдеринин көбүнүнүн көркөм дүйнөсүндө өзүнө ылайык бөтөнчөлүктөрү менен жашап келген ырчылык өнөр кыргыз элинин бай руханий маданиятында өзгөчө орунда өмүр кечирип келүүдө. Мына ушул өнөрдүн эң бийик үлгүсү болгон айтыш кыргыз элинин турмуш-тиричилиги

менен каада-салтына, ишенимдерине байланыштуу жаралган оозеки чыгармачылыктан тарта өнүгүүнүн бир канча этаптарын басып, биздин күнгө келип жеткен.

Айтыштардагы эволюциялык, жанрдык, поэтикалык өзгөчөлүктөргө байланыштуу **төмөнкүдөй жыйынтыктарга келүүгө болот**:

- Айтыш – импровизациялык өнөрдүн бийик чегин көрсөтүп, публика менен түз байланышта аткарылып, өзүнө тиешелүү мазмун жана формалык өзгөчөлүктөргө ээ болгон жанр.
- Айтыш өнөрү элдик оозеки чыгармачылыктагы “Жар-жар”, “Сармерден”, кайым, акыйнек өңдүү фольклордук жанрлардан үрөн алып, кыз менен жигиттин айтыштарында жанрдык белгилерин калыптандырып, убакыттын өтүшү менен акындар айтышынын жаралышын шарттап, бүгүнкү күнгө чейин өмүр сүрүп келүүдө;
- Өзгөчө адат-салт айтышына фольклордук поэтикалык эстетикага таандык салттуу каражаттар, варианттуулук, турмуштук мазмун мүнөздүү болсо, акындар айтышы бейтарап коллективдүүлүктөн алыстап, ар бир айтыш автордун аты менен аталып, индивидуалдуулук белгилерин (коллективдүүлүктөн алыстоо, варианттуулуктун жоголушу, ар бир айтыштын автордун аты менен тароосу, көркөм поэтикалык жаңылануулар, идеялык-тематикалык, мезгил-мейкиндик конкреттүүлүк, жаңы образдарды, сүрөттөөлөрдү жаратуу ж.б.) калыптандырганын көрөбүз. Демек, айтыштар фольклордо калбаган толук адабиятка өтүп кетпеген өзгөчө жанр;
- Айтыш көпчүлүк түрк элдеринде (түркмөндөрдө, казактарда, каракалпактарда, башкурттарда, өзбектерде, татарларда, уйгурларда, азербайжандарда) кездешет. Бирок, алардын жанрдык касиеттеринин сакталуу даражасы ар башка. Казак, каракалпак, кыргызда толук сакталса, калгандарында айрым элементтери гана сакталып калган. Түрк элдеринде айтыштын сакталып калуусун ал элдердин генетикалык башатынын жалпылыгы, жашоо мүнөзүнүн окшоштугу жана элдик ишенимдердин бирдей болуусу менен аныкталат;
- Айтышта канча кылымдан бери жандуу кубулуш катары сакталып келген муундар байланышын түзгөн устат-шакирт, чыгармачылык мектеп маселесинен, поэтикалык, тематикалык салтуулуктардан көрүнөт. Мындан сырткары саламдашуу, табышмактатып суроо салуу, сүрөп ырдоо, улууга жол берүү, өзүн тааныштыруу, тек жайын суроо өңдүү салтуулуктары да бар;
- Жанрдык белгиси боюнча айтыштар драмалык жана эпикалык элементтерди өз ичине камтыган элдик лирикалык ырлардын бир түрү катары кароого болот.
- Айтыштын өнүгүшү төрт мезгилди ичине алат. 1. Айтыштын жаралышы же фольклордук башаттар; 2. XIXкылымдын экинчи жарымы XX кылымдын башындагы мезгилди кучагына алган “классикалык доор”; 3. Совет мезгилиндеги айтыштар; 4. Постсоветтик мезгилдеги айтыштар;
- Адат-салт айтыштары бул өнөрдүн өзүнчө бир түрү катары сакталып, акындар айтышынын жаралышына негиз болгон;

- “Классикалык доор” айтыш өнөрүн бийик сереге көтөрүп, баардык салттуулуктарды калыптандырып, мезгил жана мейкиндиктин чегине сыйбай, бүгүн дагы өз актуалдуулугун жоготпогон классикалык айтыштарды жаратты;
- Совет мезгилинде айтыштардын мазмундук, идеялык багыты жаңы заманды жар салуу, өлкөдөгү жетишкендиктерди даңазалоо багытына бурулуп, айтыштын айрым үлгүлөрүнүн (кордоо, табышмак) сейректеп а түгүл айрым элементтери калып жок болуп кетүүсүнө чейин жеткен. Мындан сырткары айтыштар кайда, качан, ким менен, кандай темада айтышуусу белгилүү болуп, пландуулук, жасалмалуулук мүнөздүү болгон. Мындан улам айтыш бир топ салттуулуктарын жоготкону көрүнөт;
- Эгемендик жылдарында сөз эркиндиги, демократиялык саясаттын күч алышынын натыйжасында айтыштар баштапкы калыбында өнүгүүгө багыт алган. Анда айтыштын баардык түрлөрүн сактоого аракеттер жүрүп, тематикалык жактан базар экономикасынын күңгөй-тескейи ырдалып, өлкөдөгү адаттан тыш жүрүм-турум, окуяларды сынга алынган. Бул жылдары айтыштарда улуттук баалуулуктар, нарктуулук, улуттук дүйнө тааным, улуттук билим-тарбияга өзгөчө көңүл бөлүнгөн.
- Айтыштарда турмуштук маселелер көтөрүлүп, эл тарыхы жана доор маселеси ачык чагылдырылат;
- Айтыштарда диний, социалдык-саясий, дидактикалык, автобиографиялык мотивдер салттуу мүнөз күтүп бүгүнкү күнгө чейин ырдалып келүүдө;
- Айтыштарда ырчылык чеберчиликке байланыштуу салттуу болуп калган ыкмалар (амандашып, эл көңүлүн буруу, өзү тууралуу маалымат берүү, өнөктөшүнүн тек-жайын сурап таанышуу, суроо салуу, өнөр сыноо ж.б.) көп колдонулат. Ошондой эле акындардагы ойду берүү ыкмаларын (элдик уламыштарды, икаяларды, макал-ылакаптарды чыгарманын мазмунуна ылайык колдонуу) пайдалануу, кыйытма ойду (подтекстти) берүү, автордук баяндоолорду, лирикалык каармандын ой толгоолорун чагылдыруу, портрет түзүү, сүрөттөөнүн жанрдын мүнөзүнө ылайык өзгөчө маанайда колдонулат;
- Айтыштарды жаратууда акындар оозеки чыгармачылыкта мурдатан калыптанып калган улуттук поэзиянын көркөм арсеналына таянат**.** Анда мурдатан поэтикалык формула катары кабыл алынган сөздөрдү, сөз айкаштарын ыктуу пайдаланат;
- Айтыштарда уйкаштык обондуу аткарууга ылайыкталып түзүлүп, бирин экинчиси коштоп, чыгармаларынын музыкалуулугун, угумдуулугун бийиктетет. Мунун негизинде элдин эсинде көпкө сакталып кала турган касиети жогорулайт;
- Айтышта салыштыруулар, эпитеттер, параллелдер ж.б. акындын өздүк корунда сакталып, кези келгенде автоматтык түрдө өз ыраатты менен пайдаланылат;
- Айтыштар көркөмдүк деңгээли жагынан эмоционалдуу, логикалык ыраттуулук толук сакталган тил каражаттарына бай болуусу, акындын көркөм чыгарманы куруу техникасы жагынан мыкты даярдыгы, ар тараптуу

маалыматтуулугу, ойдун күлүктүгү сыяктуу өзгөчөлүктөргө ээ болушу башкы зарылдуулук.

***Диссертациялык изилдөөнүн мазмуну төмөнкү эмгектерде чагылдырылды:***

**1.** Көлбаева, М.К Акындар чыгармачылыгындагы салттуулуктардын типологиясы [Текст] / М.Көлбаева. -Бишкек, 2014. – 118 б.

**2.** Көлбаева, М.К. Айтыш өнөрүнүн табияты (эволюция, жанр, поэтика) [Текст] / М.Көлбаева. - Бишкек, 2015. - 248 б.

**3.** Көлбаева, М.К. Айтыш өнөрүнүн жаралышы [Текст] / М.Көлбаева // БГУнун жарчысы. - 2011. - №19. - 87-89- б.

**4.** Көлбаева, М.К. Эгемендик жылдарындагы айтыш өнөрүнүн абалы [Текст] / М.Көлбаева // КУУнун жарчысы. - 2011. - №19. - 87-89- б.

**5.** Көлбаева, М.К. Түрк элдерине орток өнөр-айтыш жана Ж.Жабаев [Текст] / М.Көлбаева // "Жамбыл және түркі халықтарының эпикалық мұрасы": эл аралык конференциянын материалдары. – Алматы, 2011. - 537-539-б.

**6.** Көлбаева, М.К. Акындар айтышынын улуттук сыпаты [Текст] / М.Көлбаева // БГУнун жарчысы. - 2012. - №21. – 286-289 - б.

**7.** Көлбаева, М.К. Түрк элдерине орток өнөр-айтыш жана Ж.Жабаев [Текст] / М.Көлбаева // "Махмуд Палвандын доору жана түркмөн маданияты": конференциянын материалдары. –Түркменстан, 2013. - 76-81-б.

**8.** Көлбаева, М.К. Айтыштын түрлөрү [Текст] / М.Көлбаева // БГУнун жарчысы. - 2013. - № 22. - 200-203 – б.

**9.** Көлбаева, М.К. "Жеңижок менен Нурмолдонун айтышында" диний түшүнүктөрдүн орун алышы [Текст] / М.Көлбаева // БГУнун жарчысы. – 2013. - №22. - 207-210-б.

**10.** Көлбаева, М.К. Корголдун айтыштарында салттуулуктун сакталышы [Текст] / М.Көлбаева // Тил, адабият жана искусство маселелери. –2013. - № 1 (12). - 58-62-б.

**11.** Көлбаева, М.К. Айтыш өнөрүндө улуттук жана жалпы адамзаттык идеялардын көркөм чагылдырылышы [Текст] / М.Көлбаева // Улуттук идеология: кыргыз тили жана кыргыз адабияты: илимий макалалар жыйнагы. – Бишкек, 2013. - 162-169-б.

**12.** Көлбаева, М.К. Коргоолдун айтыштарындагы салттуулуктун сакталышы жана өздүк чеберчилик маселелери [Текст] // Ак таңдай залкар талант К.Досу уулу: макалалар жыйнагы. – Бишкек, 2013. - 114-118-б.

**13.** Көлбаева, М.К. Toktogulun Sanatı Türk Dünyasında [Текст] / М.Көлбаева // Kümbet altında. – 2014. - s. 40-44

**14.** Көлбаева, М.К. Токтогул жана айтыш өнөрү [Текст] / М.Көлбаева // "Тоо булбулу Токтогул": илимий жыйындын макалаларынын топтому. –Бишкек, 2014. - 125-128 -б.

**15.** Көлбаева, М.К. Акындык өнөрдүн фольклор менен карым-катышы (айтыш өнөрүнүн мисалында) [Текст] / М.Көлбаева // И.Арабаев атындагы КМУнун кабарлары: Атайын чыгарылыш. –2014. -32-37-б.

**16.** Көлбаева, М.К. Айтыштардын түрк тилдүү элдерде таралышы жана изилдениши [Текст] / М.Көлбаева// Түркология. – 2014. -№68. - 46– 51-б.

**17.** Көлбаева, М.К. Кыргыз айтыштарынын изилдениш абалы [Текст] / М.Көлбаева // Тил, адабият жана искусство маселелери. –2014. - № 1. – 112-116-б.

**18.** Көлбаева, М.К. Ырчылык өнөрдөгү муундар байланышы – устат-шакирт маселеси [Текст] / М.Көлбаева// КРУИАнын кабарлары. – 2014. - №3-4. – 81-86-б.

**19.** Көлбаева, М.К. Айтыш өнөрүнүн жекелик жана жалпылык белгилери [Текст] / М.Көлбаева // Түркология. – 2015. -№1 (69). – 48-52-б

**20.** Көлбаева, М.К. Айтыштардагы салттуу мотивдер [Текст] / М.Көлбаева// И.Арабаев атындагы КМУнун жарчысы: Атайын чыгарылыш. – 2015. -177-180-б.

**21.** Көлбаева, М.К. Айтыштардагы диний мотивдер [Текст] / М.Көлбаева// И.Арабаев атындагы КМУнун жарчысы: Атайын чыгарылыш. – 2015. -180-182-б.

**22.** Көлбаева, М.К. Казак фольклористикасында айтыштардын изилдениш абалы [Текст] / М.Көлбаева// Еуразиялық экономикалық одақ: интеграция және мәдениет аралық қарым-қатынас": халықаралық ғылыми-тәжірибелік конференциясының еңбектер жинағы. – Шымкент, 2015. - 511-514-б.

**23.** Көлбаева, М.К. Айтыш өнөрүнүн түрк тилдүү элдерде таралышы [Текст] / М.Көлбаева // Еуразиялық экономикалық одақ: интеграция және мәдениет аралық қарым-қатынас": халықаралық ғылыми-тәжірибелік конференциясының еңбектер жинағы. – Шымкент, 2015. -514-518-бб.

**24.** Көлбаева, М.К. Совет мезгилиндеги айтыштардын өзгөчөлүктөрү [Текст] / М.Көлбаева // КРУИАнын кабарлары. – 2015. - №1. – 64-68-б.

**25.** Көлбаева, М.К. Айтыштарда көркөм каражаттардын колдонулушу (салыштыруу, эпитет) [Текст] / М.Көлбаева // Кыргыз тили жана адабияты –2015. - №27. -118-121-б.

**Көлбаева Мээрим Курманбековнанын 10.01.09-фольклористика, 10.01.01-кыргыз адабияты адистиктери боюнча филология илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн «Айтыш өнөрүнүн табияты (эволюция, жанр, поэтика) деген темадагы диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ

**Түйүндүү сөздөр**: акындар (ырчылар) поэзиясы, айтыш, төкмөлүк (импровизация), эволюция, жанр, салттуулук, өздүк чеберчилик, синкретизм, устат-шакирт, пир тутуу, чыгармачылык таасир, учурашуу айтыш, кордоо айтыш, табышмак айтыш, алым-сабак, салттуу мотивдер, баяндоо, сүрөттөө, аудитория (тындоочу журт), поэтика, салыштыруу, эпитет.

**Изилдөөнүн объектиси**: Кыргыз фольклорунан башат алып, бүгүнкү күнгө чейин акындар поэзиясындагы салттуу өнөр катары уланып келген айтыштар, алардын түрлөрү.

**Изилдөөнүн максаты**: Айтыш өнөрүнүн синкреттүү табиятын аныктап, башка жанрлар менен карым-катышын, канчалаган кылымдардан бери жандуу кубулуш катары сакталып келген көркөм салттуулуктарды аныктоо менен түрк тилдүү элдерде таралышын, акындардын өздүк чеберчилик маселелерин талдоо. Айтыштардын генезисин, эволюциясын иликтеп, мезгилдештирүү. Ошондой эле айтыштардын тилдик өзгөчөлүктөрүн, акындардын көркөм-эстетикалык изденүүлөрүн талдоо.

**Изилдөөнүн усулдары**: Айтыштын табиятын аныктап, мезгилдештирүү, түрк тилдүү элдерде таралуу ареалын белгилөөдө салыштырма-тарыхый, салыштырма-типологиялык усул, ошондой эле айтыштардагы салттуулуктарды жана жаңычылдыктарды анализдөөдө тандоо, системалаштыруу, анализ, синтез ыкмалары колдонулду.

**Изилдөөнүн натыйжалары жана илимий жаңылыгы**: Айтыш өнөрүнүн жанрдык өзгөчөлүктөрү, жекелик жана коллективдик мүнөзү, жанрдын эволюциялык өнүгүшүндөгү салттуулук жана жаңычылдык белгилер талдоого алынган; Акындык өнөрдөгү мурдатан көрөңгөлөнүп келе жаткан көркөмдүк табылгалар, алардын мезгил талабына ылайык жаңыланышына анализ жүргүзүлгөн;

**Колдонуу боюнча сунуштар**: Акындар чыгармачылыгын окуп үйрөнүүгө, окуу программалары менен окуу китептеринин мазмунун жаңылоодо колдонууга сунуш кылынат.

**Колдонуу чөйрөсү**: Изилдөөнүн материалдары адабият тарыхы менен ырчылар поэзиясын толуктоого багытталат жана улуттук фольклористикабыздын, адабият таануубуздун ар түрдүү маселелерин тактоодо, жеке авторлордун чыгармачылыгын изилдеп үйрөнүүдө, жогорку окуу жайларында филолог адистерди даярдоодо колдонсо болот.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Көлбаевой Мээрим Курманбековны**
**"Природа айтыша (эволюция, жанр, поэтика)"**
**на соискание ученой степени доктора филологических наук**

*Специальности:*
*10.01.09 – фольклористика, 10.01.01 – кыргызская литература*

**Ключевые слова**: айтыш, акынское устнопоэтическое творчество, виды айтыша (айтыш-приветствие, -насмешка/оскорбление, -загадка и мн. др.), влияние, жанр, изобразительные средства, мастерство, мотивы/сюжеты, поэтика импровизации, преемственность (отношения наставник-ученик), синкретизм образности, специфика повествования, традиция, формульность, эволюция.

**Объект исследования**: айтыш как уникальная многовариантная национальная форма изустного поэтического состязания, восходящая к древнейшим фольклорным традициям и сохраняющаяся в сегодняшней национальной поэтической практике.

**Цели исследования**: определение характера синкретической природы айтыша, его взаимодействия с другими (фольклорными и литературными) жанрами, историческая стабильность его художественной системы, актуальность жанра в отечественной аудитории XXI века, его распространенность как художественного явления в поэтической культуре тюркских народов, проблематика исполнительского мастерства акынов, генезис и эволюция жанра, временные рамки этапности поэтической истории, особенности поэтического языка, художественно-эстетических исканий акынов.

**Методы исследования.** Опорными при определении типологической природы айтыша, его бытования в процессе культурной истории, установления ареала распространения тех или иных жанровых модификаций в тюркоязычном контексте являлись достижения сравнительно-исторического и сравнительно-типологического исследования национальных художественных систем в их историческом развитии. В процессе исследования текстового материала нашли широкое применение сопоставительный, систематизаторский подходы, анализ и синтез.

**Результаты исследования и научная новизна**: Впервые систематизированы жанровые особенности айтыша, индивидуальная и коллективная его природа, прослежены характер традиционности и новаций в эволюции жанра, изучены и квалифицированы художественные приемы, составившие неповторимость импровизационной поэтики жанра, ее стабильность на значительных отрезках истории, ее мобильность и способность к обновлению в динамике современности.

**Область применения** – тюркология, отечественная фольклористика, литературоведение Центральной Азии.

**Предложения по использованию.** Материалы исследования составляют самостоятельную страницу отечественной фольклористики и

призваны быть использованными при изучении истории отечественной культуры, в том числе акынской поэзии, при формировании учебников и учебных программ в вузе и общеобразовательной школе.


**Rezume**

**dissertation work of Kolbaeva Meerim Kurmanbekovna "Nature"of the aytysh "(evolution, genre, poetics)" on specialty 10.01.09 - folklore, 10.01.01 - Kyrgyz literature research for the degree of Doctor of Philological sciences.**

**Key words:** akyn poetry, aytysh, akyn-improviser, evolution, genre, traditionality, personal skills, syncretism, mentor-student, creative influence, aytysh -greeting, aytysh-mockery (insult), aytysh puzzle, mentoring, traditional motives, narrative, image, poetics, comparison, epithet.

**The object of study:** aytyshes originating from the Kyrgyz folklore up to this day are traditional parts of akyn poetry, kinds of aytyshes (improvisions).

**Research methods:** In determining the nature of aytysh, their timeframes, determining the distribution range of genre among Turkic peoples, we used a comparative-historical and comparative-typological methods of investigation. In the analysis of tradition and innovation of aytysh used such methods as comparison, classification, analysis, synthesis.

**Aims of the research:** to determine the nature of aytysh, their interaction with other genres, clarifying their causes, their fiction features, which came from ancient time up today as a living phenomena. Among the Turkic-speaking peoples we used comparative-historical and comparative-typological research methods. In the research of the aytysh genesis, their evolution, time fragment, together with analysis of a language features of aytyshes, fiction-esthetical search of akyns. Analyses of the genre of aytysh spread matters of perfoming skills of akyns.

**The results of the research and scientific novelty:** We have analyzed the genre features of aytyshes, their individual and collective nature, problems of traditional and innovation in the evolution development of the genre. Also artistic discoveries, have been subjected to the analysis which since ancient times live in the artistics skills of improvisator akyns changes of these elements in accordance with the requirements of the time.

**Suggestions on use:** Materials of our research can be used in the study of akyns creativity in updating the content of the curricula and text books.

**Application:** Materials of the research are aimed to complete the history of literature and poetry of akyns, can be used in clarifying the various problems of

the national folklore and literature, in the study of the works of individual authors in the preparation of specialists-philologists in high educational establishments.